КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ



# МАЗМУНУ


1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ……………………….............................3

1.1. Башкаруу формасы тууралуу.......................................................................................................3

1.2. Корпорациянын миссиясы, максаттары жана маселелери…………………………………….…….3

1.3. Корпорациянын каналдарынын теле жана радио берүүлөрүнүн концепциясы…………………….…..4

1.4. Корпорациянын Байкоочу кеңешинин курамы..................................................................................8

1.5. Корпорациянын жетекчилиги………………………………………………………….........……13

1.6. Корпорацияны каржылоо.............................................................................................................14

2. 2017-ЖЫЛДАГЫ КОРПОРАЦИЯНЫН ЖЫЛДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН СҮРӨТТӨӨ…………....……..16

2.1 Өлкөнүн медиа рыногундагы Корпорациянын позициясын бекемдөө тууралуу маалымат. 2017-жылдагы медиа изилдөөлөрдүн жыйынтыктары...................................................................16

2.2 Медиа сабаттуулуктун деңгээлине баа берүү тууралуу изилдөөлөр. Медиага болгон ишеним ...19

2.3 Корпорациянын контент өндүрүүчү бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгү тууралуу маалымат.............20

2.3.1. Көрсөтүүлөрдүн 50%ын мамлекеттик тилде берүүнү ишке ашыруу маселеси.............................22

2.3.2. Эфирдин 30%ын балдар жана жаштар үчүн, көңүл ачуу жана билим берүү программаларга бөлүп берүү..........................................................................................................................................22

2.3.3. КР ата мекендик контентке 70%дан кем эмес, сырткы контентке 30%га чейин бөлүп берүү тууралуу Мыйзам нормасы......................................................................................................22

2.3.4. Мамлекеттик органдардын расмий билдирүүлөрүн жайылтуу......................................................23

2.3.5. 2017-жылдагы КР Президенттик Шайлоого даярдык көрүү жана аны чагылдыруу......................24

3. КАДРЛАР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ............................................................................................26

3.1. Корпорацияда адам ресурстарын өнүктүрүү иши тууралуу маалымат.......…………….............…26

3.2. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу. Окуу курстарын уюштуруу………………...…28

4. КТРКнын ИНТЕРНЕТ ТАРМАГЫНДА ИШ АЛЫП БАРУУСУ……………………………………….…33

5. АДМИНИСТРАТИВДИК-ЧАРБАЛЫК ИШТЕР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ..…………………………….39

5.1. HD 16:9 форматтагы жаңы телевизиондук көчмө станцияны сатып алуу………………....…...…39

5.2. Өндүрүшкө шарт түзүү. Өндүрүш бөлмөлөрүн оңдоо-түзөө…………………………....….....42

5.3. Эл аралык кызматташтыктын кеңейиши. Башка ММКлар менен кызматташуу…………………46

5.4. Корпорациянын аудитория менен байланыш түзүүсүн жакшыртуу боюнча иш жыйынтыгы.....48

6. ПРОГРАММАЛАР ТОРЧОСУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР……….……………………………………………....49

6.1. Жаңы телевизиондук берүүлөр…………………………………………………………………49

6.2. 2017-жылы Корпорация продакшн студиядан алып көрсөткөн программалар тизмеси………...57

7. КОРПОРАЦИЯНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ФИНАНСЫ-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИНИН ЖЫЙЫНТЫГЫ....................................................................................................................................59

8. ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕ БИР БӨЛҮГҮ, ТИКЕ ЖЕ КЫЙЫР ТҮРДӨ КОРПОРАЦИЯГА ТААНДЫК КААЛАГАНДАЙ ИШКАНАЛАР ЖЕ КОМПАНИЯЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ ...............................67

9. КОРПОРАЦИЯНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ МАКСАТТАРЫ...............................................................................70

10. КОРПОРАЦИЯНЫН 2018-ЖЫЛГА КАРАТА БОЛЖОЛДУУ ПЛАНДАРЫ……..……………………..….71

# 1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ

## *1.1. Корпорацияны башкаруу формасы тууралуу*

2011-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу» Мыйзамы Корпорациянын коомдук телерадиоберүү уюм катары юридикалык статусун, максаттары менен маселелерин, укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле структурасын жана башкаруу органдарын аныктайт.

«Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу» колдонуудагы мыйзамга жана «КТРКнын Уставына» ылайык, Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын (мындан ары-КТРК) башкаруу органдарына төмөнкүлөр кирет:

- башкаруунун жогорку органы болуп саналган Байкоочу кеңеш;
- аткаруучу орган болуп саналган Башкы директор.

Байкоочу кеңеш бүткүл коомдун кызыкчылыктарын билдирет жана коомдук берүүлөрдүн принциптеринин сакталышынын башкы кепилдиги болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамда Байкоочу кеңешти калыптандыруунун принциптери так жазылган:

Байкоочу кеңеш парламенттен, президенттен жана жарандык коомдон бирдей сандарда алынган 15 адамдан турат. Ошондой болсо дагы, Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрү, ким тарабынан сунушталганына карабастан, окуу жана илимий мекемелерден, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдардан гана көрсөтүлгөн болууга тийиш.

## *1.2. Корпорациянын миссиясы, максаттары жана маселелери*

КТРКнын миссиясы, ошондой эле максаттары менен маселелери КТРКнын 2017-2019-жылдарга карата өнүгүү стратегиясында жазылган.

**Миссиясы**

КТРКнын миссиясы жалпы коомго кызмат өтөө. КТРК ишенимдүү жана объективдүү маалымат топтоп, даярдайт жана таркатат. КТРК билим берүү, маданий жана көңүл ачуу көрсөтүүлөрдү, андан тышкары өздүк даярдаган маалымат программаларын жайылтат.

**Максаттары**

Төмөнкүлөр аркылуу, жакынкы жылдарда коомдук телерадиоберүүнүн

талаптарына максималдуу түрдө жооп берген КТРКнын ишмердүүлүгүнүн эффективдүү системасын түзүү:

- коомчулуктун талаптарына толук кандуу жооп берген контентти калыптандыруу үчүн КТРКнын ичинде жана андан сырткары дагы контентке баа берүүчү эффективдүү системаны түзүү;

- КТРКнын маалымат кызматын модернизациялоо жана жаңылык даярдоочу бөлүмдөрдүн бардыгын коммуникативдик технологиялардын негизинде бирдиктүү маалыматтык ресурска интеграциялоо;

- этап-этабы менен өлкөнүн бюджетинен көз карандысыздыкка жетишүү (КТРКнын туруктуу кирешесин камсыздоо үчүн зарыл болгон багыттарды өнүктүрүү);

- ошондой эле, материалдык-техникалык базаны мыктылоо максатында кезектеги көйгөйлөрдү чечүү.

**Маселелери**

КТРКнын өнүгүү жолдорун аныктоо жана коомдук ТВ – радиостанциялар жана медиа-холдингдердин ийгилик жараткан жана көйгөйлүү тажрыйбасыннын негизинде КТРКнын алдына коюлган максаттарды ишке ашыруу; тажрыйбаны, маселелердин актуалдуулугун, өлкөгө көрсөтүлүүчү программаларды, аудиториялардын керектөөлөрүн жана рыноктун коньуктурасын эске алуу менен.

## *1.3.Корпорациянын каналдарынын теле жана радио берүүлөрүнүн концепциясы*

**«Коомдук биринчи канал».** Телеканал жума сайын ар түрдүү форматтагы 50 программа чыгарат, бул бир жумада оригиналдуу жана өздүк берүүлөрдүн 36 саатын түзөт. Өзүнүн аудиториясына маданий-агартуучу, социалдык-экономикалык, музыкалык-көңүл ачуучу, спорттук темаларды камтыган көрсөтүүлөрдүн кеңири спектрин тартуулайт. Телеканал эң ири канал болгондон сырткары, эки тилди бирдей алып кеткен өлкөдөгү эң популярдуу канал болуп саналат. «Коомдук биринчи каналдын» мамлекеттеги калк отурукташкан пункттарды камтуусу 97,3% түзөт.

**«Ала-Тоо 24».** Телеканал бүгүнкү күндө күнү-түнү маалыматтык берүүлөрдү көрсөткөн жападан жалгыз канал болуп саналат. Телеканалдагы берүүлөр үзгүлтүксүз жаңылыктар форматы менен түзүлгөн. Маселен, көрүүчү күндүн кайсы маалы болбосун телеканалды көрүп, 30 мүнөттүн ичинде бардык жаңылыктардан кабардар болуп калат. Телеканалдын негизги максаты – аудиторияга өлкөдө болуп жаткан бардык окуялар тууралуу мамлекеттик жана расмий тилде оперативдүү жана анык маалыматты жеткирүү.

**«Маданият-Тарых-Тил».** Телеканалдын концепциясы Президентин 2014-жылдын 13-декабрдагы №222 Жарлыгынын алкагында иштелип чыккан. Анын максаты калктын моралдык-этикалык жана маданий-эстетикалык керектөөлөрүн канааттандыруу, ошондой эле өсүп келе жаткан жаш муунга тарых, салт-санаа, үрп-адат жана тилди үйрөнүү аркылуу маданий иденттүүлүктүн негиздерин үйрөтүү.

**«КТРК Музыка».** Телеканалдын миссиясы – ата-мекендик музыканы пропагандалоо, маданиятты коргоо, жаңы музыкалык тилди, багытты издөө, өзүбүздүн өлкөбүздүн аткаруучуларын колдоо, телекөрүүчүлөргө жакшы маанай тартуулап, жаштардын көңүл ачуусуна шарт түзүү. Негизги маселелер: сапаттуу клиптерди, концерттерди трансляциялоо жана жаңы программаларды киргизүү.

**«КТРК Спорт».** Телеканал спорттук темага, дене тарбия жана сергек жашоо образын пропагандалоочу телевизиондук продукцияны түзүп жана таркатууга багыт алган атайын канал болуп саналат. Телеканалдын миссиясы – өлкөдөгү спорттун өнүгүүсүнө, дени-сак жашоо образын пропагандалоого, улуттук спорттун түрлөрүн жайылтууга кол кабыш кылуу, жаштарды спорт менен машыгууга кызыктыруу.

**«Баластан».** Балдар жана алардын ата-энеси үчүн бирдиктүү маалымат аянтчага айланган алгачкы балдар каналы. Бул программалардын көпчүлүгүн балдар өздөрү алып барышат. Телеканал мектеп жашына чейинки бөбөктөргө жана башталгыч класстын окуучуларына, өспүрүмдөргө (7 жаштан 15 жашка чейин) багытталат. Каналдын негизги контенти – билим берүүчү жана дүйнө таанымды кеңейтүүчү көрсөтүүлөр, мультфильмдер, балдарга арналган фильмдер.

**«Биринчи Радио».** Мамлекеттин маалыматтык-аналитикалык мүнөздөгү алгачкы жана жалгыз радиосу. Таң эртеден түн оогончо күнүнө 18 саат, жумасына 7 күн иш алып барат. Башкача айтканда, бул саясий жана экономикалык окуялар, маданият жана спорт жаңылыктары тууралуу так жана толук маалыматты бүткүл Республикага жана андан сырткары берген Кыргызстандагы жалгыз радио. Радионун өзгөчөлүгү – маалыматка басым жасоо, окуяларга анализ жүргүзүү, серепчилердин комментарийлерин эфирден сунуштоо. Бул берүүлөр кыргыз, орус жана чет тилдеринде бөлүк болуп чыгарылат.

**«Кыргыз Радиосу»** - маданий-агартуучу канал. Эфирден адабий-драмалык берүүлөр, радио-спектаклдер, «Алтын фонддогу» архивдик программалар, классикалык жана фольклордук музыка, руханий-билим берүүчү программалар угузулат. Күнү-түнү 24 саат, жумасына 7 күн бүткүл Республикага обого чыгат. Берүүлөрдүн тили – жалаң кыргызча.

**«Мин Кыял FM»** – күнү-түнү, жумасына 7 күн тынымсыз иштеген музыкалык-көңүл ачуучу канал. "Миң Кыял FM" 70% музыкадан, 30% маалыматтан турат. Радио программаларын музыкалык-маалыматтык форматтын принциптерин сактоо менен кыргыз тилинде гана даярдайт. Музыкалык саясаты боюнча Кыргызстандык гана аткаруучулардын кыргыз, орус жана башка тилдүү чыгармаларын угармандар арасында жайылта турган алгачкы радиостанция. Жайылуу аймагы Баткен, Жалалабад, Ысык-Көл, жарым-жартылай Ош жана Чүй облустары. «Миң Кыял FM» радиосу жаштар үчүн заманбап музыкаларды берет.

**Радио «Достук»** - радионун башкы максаты өлкөдө жашаган этностордун арасында достук мамилелерди өнүктүрүү жана бекемдешине кол кабыш кылуу. Радиоберүүлөр маданият, тарых, искусство жана адабият сыяктуу темаларды камтыйт. Биздин өлкөдө мындай радионун ачылышы Кыргыз Республикасында жашаган этникалык азчылык өкүлдөрүнө маданий баалуулуктары менен алмашуу үчүн мыкты аянтча түзүү менен шартталган. Бул аларга ич ара тили, маданияты, салт-санаасы, үрп-адатын өнүктүрүүгө жардам берет.

**“Балдар FM”** – бул балдар радиостанциясы, анын берүүлөрү толугу менен бөбөктөргө жана 16 жашка чейинки өспүрүмдөргө арналган. Зарылчылыгы жагынан уникалдуу болуп саналган социалдык долбоор «Биринчи радионун» дем алыш күндөрдөгү сеткасынан б.а. ишмеби жана жекшемди күндөрү орун алган. Радиостанциянын эфири радиоберүүлөр аркылуу балдар жана өспүрүмдөрдүн билимге жана агартуучулукка болгон муктаждыктарын канаттандыруу максатында иштелип чыккан.

## *1.4.Корпорациянын Байкоочу кеңешинин курамы*

**ЖЫПАР ЖЕКШЕЕВ**

**Төрага**



Жыпар Жекшеев Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайын, Мамлекеттик искусство институтун жана Кыргыз Улуттук университетин бүтүргөн. Сүрөтчү, андан кийин Ысык-Көл облусунун көркөм фондунун директору, «Кыял» көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде жана КР Маданият министрлигинин алдындагы курстарда мугалим болуп иштеди. Кийин «Кыргызстандын демократиялык кыймылы» саясий партиясынын төрагасы, КР Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруучу жыйынынын депутаты, Адамдын укугу жана мамлекеттик кызматкерлердин этикасы комитетинин төрагасы, Бишкектеги жерлерди өз алдынча басып алуу боюнча мамлекеттик комиссиянын төрагасынын орун басары болду. 2009-жылы өлкөнүн Президенттигине талапкерлигин койгон. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан сунушталган.

**ЖЫЛДЫЗ БАКАШЕВА**



Филология илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз Улуттук университетинин журналистика факультетин аяктаган, кийин диссертациясын жактап илимий даража алган. КУУда мугалим, кафедра жетекчиси жана декан болуп иштеген. Кийин Жогорку Кеңеште эксперт, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясынын проректору болуп эмгектенди. Учурда А.Осмонов атындагы улуттук китепкананын директору. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан сунушталган.

**АНАШ КАДЫРОВА**



Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жогорку филологиялык билим алган. Радио жана телевидение боюнча жогорку категориядагы диктор, КТРКнын экс-орун басары. СССР жана Кыргыз Республикасынын министрлер Советинин Телевидение жана радио боюнча мамлекеттик комитетинин Ардак грамоталары менен телевидение жана радио тармагындагы эмгеги жана активдүү публицистик ишмердүүлүгү үчүн сыйланган. Ч.Айтматов атындагы Маданият кызматкерлери ассамблеясынын сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын журналисттер союзунун мүчөсү. Байкоочу кеңешке жарандык коом тараптан сунушталган.

## ИГОРЬ ШЕСТАКОВ



Медиа-тренер, саясий серепчи. Россия гуманитардык университеттин юридикалык факультетин бүтүргөн. Журналисттик ишмердүүлүгүн «Вечерний Бишкек» гезитинен баштаган. «Время» программасынын өздүк корреспонденти, «Интерфакс» маалымат агенттигинин кыргызстандык бюросунда шеф редактор, «Российская газета» басылмасынын Борбор Азиядагы өкүлчүлүгүнүн директору, «КирТаг» маалымат агенттигинин башкы редактору болуп иштген. Учурда «region.kg» аналитикалык сайттын башкы редактору. Байкоочу кеңешке Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан сунушталган.

## АЗАМАТ БОЛГОНБАЕВ



Азамат Болгонбаев «Оркестр жана хор дерижеру» факультетин аяктаган, КР эл артисти Замирбек Үсөнбаевдин окуучусу. «Айтыш» коомдук фондунун мүчөсү, атактуу акындардын, КР эл артисттери Ашыраалы Айталиев менен Тууганбай Абдиедердин окуучусу. Алгачкы жолу эл алдына Азамат Болгонбаев 2001-жылы 17 жашында чыккан. Республикалык жана эл аралык айтыштардын бир нече жолку жеңүүчүсү. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коом тараптан сунушталган.

## АЙБЕК КАРЫМОВ



Айбек Карымов 1986-1987-жылдары Таш-Көмүр шаарынан №111 кесиптик-техникалык окуу жайын аяктаган, 1990-1993-жылдары Жалал-Абад облусундагы Б.Алыкулов атындагы маданият техни кумун мыкты бүтүргөн. Кийин 2001-2006-жылдары И.Арабаев атындагы университеттин Искусство факультетинен билим алуусун уланткан. «Бейне-групп» компаниясынын жана «Бейне-өнөр» коомдук фондунун негиздөөчүсү. Искусствонун отличниги жана бир нече ардак грамоталар менен сыйлыктардын ээси. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коом тараптан сунушталды.

## АЙГҮЛ ДЖУНУШАЛИЕВА



Джунушалиева Айгуль Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин экономика факультетин артыкчылык менен аяктаган. Алты жылдан ашык «Азаттык» радиосунда кабарчы жана радиопрограммалардын модератору болуп иштеген. Андан тышкары «Азаттык» радиостанциясынын веб-сайты жана «Азаттык плюс» телепрограмма үчүн материал даярдаган. Ошондой эле IWPRдын (Согуш жана тынчтыкты баядап берүү боюнча институттун) контрибьютери. Журналистика боюнча Чехиянын Прага шаарында стажировкадан өткөн. Жети жылга чукул басма жана теле жарнама тармагында иштеген. Учурда Мамлекеттик органдардын коомдук кеңешинин координациялык кеңешинин PR-адиси. КТРКнын коомдук кеңешине жарандык коом тараптан сунушталган.

## ЧОЛПОН ТУРДАЛИЕВА



Чолпон Турдалиева тарыхый илимдеринин докторлук даражасы бар жана Кыргызстан менен Борбордук Азиянын маданияты жана тарыхы боюнча үч монографиянын 50 ашык макаланын автору. 2016-жылы Колумбия университетинде стажировкадан өтүп, 2004-2005-жылдары Вашингтон университетинин Фулбрайт программасы боюнча чакырылган профессор болгон, андан тышкары көптөгөн эл аралык программалардын жана фонддордун грантеру. «Музей демилгелеринин борбору» Бейөкмөт уюмунун директору болгон Чолпон Турдалиева улуттук жана эл аралык маданий долбоорлорду жетектеп келет. КР Президентинин алдындагы Кыргызстандын тарыхын изилдөө боюнча комиссиясынын мүчөсү жана КР ЖАКтын эксперттик комиссиясынын мүчөсү. Учурда Борбор Азиядагы Америка университетинин Антропология программасынын профессору. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан сунушталган.

## НУРИЯ АЙДАБАСУНОВА



Филолог. Мичуриндик педагогикалык институттун орус филология факультетин аяктаган. Кочкор районундагы «Чолпон» орто мектебинде эмгектенген. Кийин 1977-1985-жылдары директордун орун басары. УПУ адабият жана педагогика мугалими, КР сотторун тандоо боюнча

Байкоочу кеңештин мүчөсү, 2010-жылдан тартып ушу күнгө чейин «Мекен шейиттери» Коомдук бирикменин теңтөрайымы. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан сунушталды.

### КУБАТ БОЛОТКАНОВ



Кубат Болоткановдун жогорку юридикалык билими бар. 2011-2012-жылдары «Учкун» типографисын жетектеген. 2012-жылдын декабрь айынан тартып «Республика» партиясынан Бишкек шаардык кеңештин депутаты. 2013-жылдын сентябрынан КР КТРКнын телеберүү боюнча башкы директордун орун басары. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан сунушталды.

### СЫЯГҮЛ КАРАМАН



К.Карасаев атындагы БГУнун кыргыз-россиялык факультетинин бүтүрүүчүсү. Мектепте орус тил жана адабият мугалими, «Кабар» КУМА жооптуу редактор, Кыргызстандын телерадио компанияларында корреспондент жана алып баруучу болуп иштеди. Кыргыз жана орус тилиндеги бир катар документалдык фильмдердин сценарийинин автору жана режиссеру. Учурда көз карандысыз медиа-эксперт. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан сунушталган.

### ЖЫЛДЫЗБЕК КЕРИМБАЕВ



«Комсомольская правда» гезитинин Кыргызстандагы басып чыгаруучусу. Ж.Баласагын атындагы КУУнун «журналистика» факультетин аяктаган. «Дастан» технологиялык университетинде менеджментти окуган. «Комсомольская правда» гезитинин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүндө 20 жылдан ашык иштейт. Карьералык өсүүнүн бардык баскычтарын басып өткөн, реклама боюнча менеджерден тартып башкы директорго чейин. КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан сунушталган.

**НИЯЗОВА ЖЫЛДЫЗ**



“Юридика илимдеринин кандидаты, күбөлөндүрүлгөн медиатор, Кыргыз Республикасынын Адвокатура окуу борборунун тренери, Кыргызстан эл аралык университетинин эл аралык жана ишкерлердик укук кафедрасынын доценти, БУУнун Балдар фондусунун “Балдарды коргоо программасы” долбоорунун серепчиси (ЮНИСЕФ)” КТРКнын Байкоочу кеңешине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан сунушталды.

.

## 1.4. *Корпорациянын жетекчилиги*

КАРЫПБЕКОВ ИЛИМ МАЙРАМБЕКОВИЧ



КТРКнын башкы директору. КТРКнын Байкоочу кеңеши тарабынан 2015-жылы 19-мартта ачык конкурс аркылуу тандалып алынган.

АСЫЛБАШЕВ КАЛЫЙБЕК ШАРШЕНАЛИЕВИЧ



Телеберүү боюнча КТРКнын башкы директорунун орун басары. Кызматка 2015-жылы 7-майда КТРКнын башкы директорунун сунуштоосу жана Байкоочу кеңештин чечими менен дайындалган.

ИМАНАЛИЕВ КАЙРАТ ОЛЖОБАЕВИЧ



Радиоберүү боюнча КТРКнын башкы директорунун орун басары. Кызматка 2011-жылы 16-мартта КТРКнын башкы директорунун сунуштоосу жана Байкоочу кеңештин чечими менен дайындалган.

## *1.5.Корпорацияны каржылоо*

КТРКнын 2017-жылдагы каржылануусу Корпорациянын ишмердигине – социалдык чөйрөнүн бюджеттик мекемеси катары мамлекеттик колдоо көрсөтүү үчүн 478 366,5 миң сом суммасындагы республикалык бюджеттен бюджеттик ассигнациялоонун эсебинен жүзөгө ашырылган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен КТРК каналдын керектөөлөрүнө болжол менен 70% каржылоону алат, 30% корпорация алардын түрлөрү Кыргыз Республикасынын “Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” мыйзамында аныкталган өздүк каражаттардын эсебинен жабат.

“Кыргыз Республикасынын 2017-жылга карата бюджети жана 2018-2019-жылдарга карата божомолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык корпорациянын мамлекеттик бюджеттен каржылануусу калкты телерадиоберүү жана кино өндүрүү продукциясы менен камсыздоо боюнча утурумдук чыгашаларга багытталган.

Мамлекет тарабынан бөлүнгөн финансылык каражаттар алгач төмөнкү чыгаша беренелерин жабууга кетирилет:

*Диаграмма 1.6.1. КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын чыгаша беренелери туурасынан кесилген түрдө көрсөтүлүшү*




КТРКны мамлекеттик бюджеттен каржылоонун көлөмү отчеттук жылы 2017-жылга карата бюджеттин долбоорунда каралгандан 62,3% деңгээлинде жүргүзүлгөн.

2017-жылдын 1-январынан тартып Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин нормалары ишке киришкендигин белгилей кетүү зарыл. Корпорациянын финансылоо системасына таасирин тийгизген эң олуттуу өзгөрүү болуп, кирешеден тышкары грант жана демөөрчүлөрдөн алынган атайын эсептердин жоюлушу болуп эсептелинет. Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлиги менен биргеликте үзүрлүү иш алып баруунун натыйжасында, кызматкерлерге стимул берүүчү кошумча төлөмдөргө байланыштуу көйгөйлөрдү, келишимдин негизинде кошумча тартылып келген кызматкерлердин акчасын төлөп берүү маселелерин чечүү мүмкүн болду. Кыргыз Республикасынын 2011-жылдагы 31-майындагы №266 токтомуна жана 2014-жылдын 6-апрелиндеги №196 Токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.

Көзөмөлдөөчү нормативдик актыларга өзгөртүүлөрдүн өз убагында киргизилиши кызматкерлер арасындагы социалдык чыңалуунун алдын алууга шарт түздү.

Андан сырткары, дагы бир чоң жетишкендиктердин бири бул көчмө телевизиондук станциянын (КТС) сатылып алынышы. Акыркы жылдарда Корпорациянын долбоорлорунун бюджетине КТСти жана башка жабдыктарды сатып алууга ар дайым белгилүү суммадагы каражаттар бөлүнгөнү менен бул берене боюнча каржылоо ар дайым чектелүү болуп келген. Бир жолку каражаттар бөлүнүп, санариптик берүүгө өткөндөн бери жалпы эсебинен 44 628,4 миң сом бөлүнгөн.

Заманбап КТСтин зарылдыгын түшүнүп жана аны сатып алууда Президент менен Өкмөттүн ар тараптан колдоо көрсөтүүсү, жеке каражаттын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-мартындагы №94 буйругунун негизинде 5 жылдык мөөнөткө 70,0 миллион сомдук бюджеттик кредиттин (пайызсыз акчалай ссуда) бөлүнүшүнүн эсебинен ишке ашырууга мүмкүн болду. Ошондой эле Корпорацияны колдоо максатында, Өкмөт 2017-жылдын 30-декабрында №851 буйругун кабыл алып, ага ылайык РРТБ ММ бюджеттик кредитин толугу менен жапканча 5 жыл бою кирешенин 50% республикалык бюджетке төгүүдөн бошотулду.

*КТРКнын финансылык-чарбалык ишмердигинин жыйынтыктары боюнча кеңири маалымат 2016-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматтары менен бирге ушул отчеттун 7-бөлүмүндө берилген.*

# 2. 2017-ЖЫЛДАГЫ КОРПОРАЦИЯНЫН ЖЫЛДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН СҮРӨТТӨӨ

Отчеттук мезгилде КТРКнын жамааты кабыл алынган өнүгүү стратегиясына таянып, медиа рыноктогу лидерлик позициясын сактап калуу максатында, компанияны сапаттын жаңы деңгээлине этап этабы менен чыгарууну эске алган бир катар планга киргизилген иш чараларды үзөгө ашырды.

## *2.1.Өлкөнүн медиа рыногундагы Корпорациянын позицияларын бекемдөө боюнча жасалган иштер тууралуу маалымат. 2017-жылдагы медиа изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.*

Корпорациянын негизги максаттарынын бири – бул улуттук телевизиондук жана радио контенттин негизги үлүшүн өндүргөн өлкөнүн эң ири медиа холдинги катары медиарыноктогу позицияларды бекемдөө.

Кыргызстандагы телерадиоканалдардын рейтингин аныктоо 10 жылдан бери салттуу түрдө «М-Вектор» консалтингтик компаниясы тарабынан жүргүзүлөт. Медиа аудиторияны изилдөө боюнча соңку иштер 2017-жылдын 4-кварталында, өлкө толугу менен санариптик берүүгө өткөндөн кийин жүргүзүлдү. Б.а. бардык жеке, мамлекеттик жана коомдук каналдар үчүн, Кыргыз Республикасынын аймагында сигнал таратуу жагынан берүүлөрдүн шарттары толугу менен теңелген шартта өттү.


Кыргызстандын калкынын медиа табитин изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча атаандаштык күч болуп турган шартта дагы 2017-жылы КТРК телеканалдарынын контенти өлкөнүн медиа аудиториясынын негизги бөлүгүн кайдыгер калтырган жок. КТРКнын теле жана радио үй бүлөсү КТРКнын ар башка сегменттеги телеканалдарынын көпчүлүгүнүн рейтингдеги лидерлигин камсыздаган. Ошентип, рейтингге ылайык:

*«ТВнин күнүмдүк аудиториясынын орто эсептеги көлөмү 69,1% түзөт, аны өлкөнүн аймагында сунушталган телеканалдардын аудиториясы ич ара бөлүштүрүп алышкан. Ошентип, бүт өлкө боюнча күнүмдүк аудиториясы эң көп болгон телеканал КТРКнын «Коомдук биринчи каналы» болуп саналат. Каналды күндө көргөн калктын үлүшү 14+жаштан тартып Кыргызстандын жашоочуларынын 15% түзөт, бул болжол менен 648 600 киши. Күнүмдүк аудториясынын саны боюнча экинчиликти «КТРК Музыка» каналы алды, үчүнчү орунда – 1 канал (ОРТ). Кыргызстан боюнча күнүмдүк аудториясынын көлөмү боюнча Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын төртилтиги топ 10дука илинди (караңыз Диаграмманы 2.1.1.).»* [1]

---


[1] *Кыргызстандын калкынын медиатандоосу 2017 (8 толкун);«М-Вектор» компаниясы.*

*Диаграмма 2.1.1. Телеканалдар боюнча бардык калктын күнүмдүк аудиториясынын үлүшү (ADR), ТОП-30, Кыргызстан,N=2167*[2]





Ошентип, КТРКнын алты каналынан 5сү (*Коомдук биринчи канал, КТРК Спорт, Ала-Тоо 24, КТРК Музыка жана Баластан*) Кыргызстанда эң көп көрүлгөн каналдардын топ 10дугунда лидерлик позицияларды ээледи. Ошол эле маалда КТРКнын “Коомдук биринчи канал” телеканалы бардык көрсөткүчтөр боюнча рейтингтин сап башында турат. *Жумалык аудиториянын үлүшү, күнүмдүк аудиториянын үлүшү жана бир күндүк телекөрүүнүн үлүшү (караңыз Диаграммаларды 2.1.2. жана 2.1.3.).* Баса белгилеп кетүүчү факт акыркы эки жылдагы КТРКнын кылдаттык менен сапаттуу иш алып барышы биздин теле көрүү тарыхыбызда алгачкы жолу рейтинг жагынан россиялык “Биринчи каналдан” ашып түшүүгө шарт түздү. Биздин өлкө көз карандысыз мамлекет болгондон бери теле көрүү жана ишеним артуу рейтинги жагынан россиялык канал эч убакта алдына эч кимди салчу эмес. Бирок 2016-жылдан бери КТРК “Биринчи каналды” артка калтырып, жыл сайын жарандардын теле көрүү жана ишеним артуу боюнча көрсөткүчтөрүн мыктылап, ортодогу ажырымды чоңойтуп жатат.

*Диаграмма 2.1.2. Телеканалдар боюнча бардык калктын жумалык аудиториясынын үлүшү (ADR), ТОП-30, Кыргызстан,N=2167*[2]




[2] *Кыргызстандын калкынын медиатандоосу 2017 (8 толкун);«М-Вектор» компаниясы.*

*Диаграмма 2.1.3. Телеканалдарды көрүүнүн бир күндүк үлүшү (Share),ТОП-30, Кыргызстан*




КТРК телеканалдарынын медиа изилдөөдөгү рейтингдик позициялары телевизиондук каналдардын сегментиндеги туура багытта иш алып баргандыгына, СТВга карата телеканалдардын калыптануу учурунда өндүрүлүп жаткан контентин белгилүү бир аудиторияга багытталышы жана КТРКнын кызматкерлери даярдаган контенттин жогорку сапатына байланыштуу деп эсептейбиз.

Телевизиондук каналдардан сырткары КТРКнын радиостанцияларынын рейтинги да жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтөт. Маселен изилдөөлөргө ылайык:

*«Жумалык аудиториянын орто эсеп аудиториянын көлөмүнө ылайык бүткүл Кыргызстан боюнча лидерлердин үчилтигине: Кыргызстан Обондору, Миң Кыял FM, Европа плюс радиостанциялары кирген.*

*Ар бир бешинчи радио угарман Кыргызстан Обондору радиосун тандайт. Жакынкы атаандаштары бүткүл өлкөнүн масштабында Миң Кыял FM жана Европа плюс экинчи орунду бөлүп алышты. Лидерлерден кийинки ТОП 10дука кирген радиостанциялар тобу калктын 5,4 % (Кыргыз Радиосу)7,7%чейин (Тумар) чогултат, жана Кыргызстан боюнча көрсөткүчтөрдүн алкагында лидерлерден 3-4 эсе артта калып жатат».* [3]


*Диаграмма 2.1.4. Орточо жумалык аудитория, ТОП 10, КР, AWR%, N=2167*




---

[3] *Кыргызстандын калкын медиатандоосу 2017- (8 толкун); «М-Вектор»- компаниясы*

*Диаграмма 2.1.5 Радиостанциялардын орточо күнүмдүк аудиториясы, Кыргызстандагы SHARE боюнча ТОП-20, жана Бишкек менен Оштогу радиостанциялардын рейтинги.*




**Радиоканалы КТРК**

## *2.2. Медиа сабаттуулуктун деңгээлине баа берүү тууралуу изилдөөлөр. Медиага болгон ишеним.*

Кыргызстандын медиа сабаттулугунун денгээлине баа берүү боюнча изилдөөнү 2017-жылы көз карандысыз **“Институт Медиа Полиси”** коммерциялык эмес уюму жүргүзгөн. Бул изилдөөлөрдүн максаты калктын ар кайсы топторунун медиа сабаттуулугунун денгээлин сандык жана сапаттык өлчөм менен аныктоо зарылчылыгы экендигин уюм белгилеген.

Изилдөөнүн жүрүшүндө респонденттерден, башкача айтканда бүт Кыргызстан боюнча 1200 кишиден (бул стандарттуу ылгап алуу) “кайсы маалымат булактарына көбүреөк ишеним артышат жана кандай болбосун маалыматтын түрүн алуу үчүн кайрылышат?”-деген суроо берилген. Натыйжасында, сурамжылоого тартылгандардын 75% КТРКнын каналдарына ишеним арта тургандыгын билдиришкен, бул Кыргызстандагы бардык ЖМКлардын арасынан эң жогорку көрсөткүч.

*Таблица 1. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын презентациясынан.*

**ДОВЕРИЕ МЕДИА**

| | |
|---|---|
| ОТРК (КТРК) | 75,30% |
| НТС | 44,80% |
| ПЕРВЫЙ КАНАЛ (ОРТ) | 44,50% |
| ЭЛТР | 35,80% |
| РОССИЯ 24 | 31,20% |
| 5 КАНАЛ | 30,40% |
| АЛА-ТОО 24 | 27,90% |
| МУЗКАНАЛ ОТРК | 24,90% |
| 7 КАНАЛ | 22,20% |
| ОШ ТВ | 10,40% |
| МАДАНИЯТ ОТРК | 7,80% |
| ТУМАР ТВ | 6,90% |
| ЫНТЫМАК | 6,80% |
| ЕШЛАР | 6,60% |
| ЖАЛБЫРАК | 1,30% |

2017-жыл жыйынтыктары боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары шек туудурбайт, себеби, бул социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн компаниялар өлкөнүн медиа тармагында көп жылдан бери иш алып барып келишет ошондуктан, олуттуу аброй топтогонго да, мындай изилдөөлөрдү жүргүзүүдө кыйла тажрыйба чогултканга да жетишишкен.

Көз карандысыз мамлекет болгондон берки убакыт аралыгында акыркы эки жылды эске албаганда, биринчиликти ар дайым россиялык “Первый канал” менен “Россия 24” алып кетишчү. Бирок 2016-жылдан тартып Корпорация бардык күч кубатын жумшап мындай көрүнүштү өзгөртүүгө кудурети жетип, көрүмдүүлүк рейтинги жагынан дагы, телеканалдарга ишеним артуу рейтинги жагынан дагы алдыга оозуп чыкты. Бул көрсөткүч КТРК тобунун туруктуу өнүгүүсүнүн жана өнүгүү стратегиясынын багыты иш билгилик менен жүргүзүлүп жаткандыгынын белгиси.

### *2.3. Корпорациянын нын контент өндүрүүчү бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгү тууралуу маалымат*

Отчеттук мезгилдеги теле жана радио берүүлөрдү өндүрүү мамлекеттик маанидеги бир катар иш чаларды эске алуу менен жүргүзүлдү: Мамлекет башчысы жарыялаган

“Ыйман, адеп жана маданият жылынын” алкагындагы иш чаралар, Алтай цивилизациясынын эл аралык форуму, Кыргыздандын Президентинин шайлоосу, жаңыдан шайланган Президенттин иннаугурациясы жана башкалар.

2017-жылы КТРКнын телевизиондук каналдары жалпылап алганда күнүнө орто эсеп менен 121 саат өндүргөн.

*Таблица 2. КТРК телевизиондук каналдарынын берүүлөрүнүн бир күндүк көлөмү*

| | | |
|---|---|---|
| **“Общественный первый канал ” 17 саат** | **“Маданият-Тарых-Тил” 17 саат** | **“Баластан” 15 саат** |
| **“КТРК Музыка” 24 саат** | **“Ала-Тоо 24” 24 саат** | **“КТРК Спорт” 24 саат** |

### ***2.3.1. Көрсөтүүлөрдүн 50%ын мамлекеттик тилде берүүнү ишке ашыруу маселеси***

➢ *Жалпыкөлөмдө (КТРКнын теле-, радиоканалдары) кыргыз тилиндеги берүүлөр 72% түзөт.*

Ошону менен Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу» Мыйзамынын өздүк берүүлөрдүн 50%дан ашыгы мамлекеттик тилде болушу керек деген милдеттенмелери жагынан нормаларын аткаруу толук көлөмдө жүргүзүлүп жатат.

### ***2.3.2. Эфирдин 30%ын балдар жана жаштар үчүн, көңүл ачуу жана билим берүү программаларга бөлүп берүү***

КТРКда 2017-жылдагы балдар – билим берүү тематикасындагы берүүлөр «Баластан» телеканалынын студиясы жана «Балдар FM» студиясында даярдалды. Биринчиси СТВнин социалдык пакетине кирген атайын балдар – билим берүүчү «Баластан» телеканалы үчүн берүүлөрдү өндүрсө, экинчиси балдардын радио угуучу аудиториясын продукция менен камсыздайт. Жаштар үчүн көңүл ачуучу жанрдык сегментин «Музыка» телеканалы жана «Миң-Кыял FM» радиостанциясы жабат.

➢ *Жалпы көлөмдө балдар жана жаштар үчүн, ошондой эле көңүл ачуучу жана билим берүүчү мазмундагы программалар жалпы берүүнүн көлөмүн эсепке алганда, өздүк көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 36% түзөт.*

«Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу» Мыйзамдагы 30%га чейинки эфирди балдар жана жаштар үчүн, көңүл ачуучу жана билим берүүчү программаларга бөлүп берүү тууралуу милдеттенмелерин КТРК толугу менен аткарып жатат.

### ***2.3.3. КР ата мекендик контентке 70%дан кем эмес, сырткы контентке 30%га чейин бөлүп берүү тууралуу Мыйзам нормасы***

➢ *Корпорациянын телерадиоканалдарынын эфириндеги сырткы контент анимациялык жана кино-музыкалык продукция катары берилет, анын үлүшү берүүнүн жалпы көлөмүндө алып караганда 20 пайыздан ашык эмес.*

Калган бөлүгүн өздүк өндүрүштүн берүүлөрү, ата мекендик өндүрүштүн кинопродукциясы жана Кыргызстандын аймагындагы студиялар даярдаган берүүлөр түзөт. Демек, Кыргыз Республикасынын «КРдин Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу» Мыйзамынын берүүлөрдүн 70% ата мекендик контентке берүү жагынан 2017-жылы толугу менен аткарылууда.

### 2.3.4. *Мамлекеттик органдардын расмий билдирүүлөрүн жайылтуу*

Кыргыз Республикасынын «КРдин Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу» Мыйзамына ылайык 2017-жылы КТРКнын телерадиоканалдары зарылчылык жана маалыматтык себеп пайда болгондо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү башкаруу органдары тууралуу расмий маалыматты таркатышты.

2017-жылы Корпорация бардык стратегиялык жана мамлекеттик жактан олуттуу деп саналган иш чаралардын бардыгына чакырылган. Төмөндө көрүнүктүү жана мамлекеттик деңгээлдеги окуялардын айрымдары келтирилген.

- Мамлекеттик денгээлдеги олуттуу майрамдык иш чараларды тартуу жана трансляциялоо: Алтай цивилизациясынын эл аралык форуму, «Таза коом» мамлекеттин электрондук кызмат көрсөтүүсүнүн Бирдиктү порталынын бет ачары, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнү, Кыргызстандын Президентинин шайлоосу, жаңыдан шайланган Президенттин инаугурация аземи ж.б.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишмердүүлүгү тууралуу берүүлөрдү жума сайын даярдоо жана чыгаруу: «Кыргыз Өкмөтүндө», «Стратегия-2017», окуялык репортаждар.

- КР Президентинин, Жогорку Кеңештин спикеринин жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин ишмердүүлүгүнө байланыштуу маанилүү окуялар жана иш чаралар күндө теле жана радионун жанылыктар блокторунда айтылат.

- Жума сайын эфирге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишмердүүлүгүн «Парламент», «Парламентаризм сабактары» көрсөтөт.

- КР ӨКМ жана КР ИИМ менен кызматташуу жума сайын чыгуучу «Өзгөчө кырдаалдар», «Телекүзөт» программалары аркылуу ишке ашырылат.

КТРКнын «КРдин Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу» Мыйзамынын мамлекеттик органдар тууралуу маалыматты берүү милдеттенмелери толук кандуу аткарылып жатат.

2017-жылы КТРК телеканалдарынын көрсөтүүлөрүнүн сеткасы мамлекеттик деңгээлдеги бир катар иш чараларды эске алуу менен түзүлгөн: Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 26 жылдыгын майрамдоо, жарыяланган «Ыйман, адеп жана маданият жылынын» алкагында иш чараларды өткөрүү, ошондой эле 2017-жылдагы эң маанилүү саясий окуя «Кыргыз Республикасынын Президентинин шайлоо».

### 2.3.5. 2017-жылдагы КР Президенттик Шайлоого даярдык көрүү жана аны чагылдыруу

2017-жылдагы башкы саясий окуя Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо өнөктүгүнө даярдык көрүүнү КТРКнын тиешелүү бөлүмдөрү күн мурунтан баштаган; өлкөнүн шайлоочуларынын тандоосунда башкы ролду ойногон, талапкерлердин ортосундагы негизги теледебаттардын форматын кардиналдуу өзгөртүү максатында, КТРКнын эң мыкты делген ресурстарынын бардыгы тартылып келген.




Ошого ылайык, талапкерлердин ортосунда түз эфирде өтүүчү дебаттар, тегерек столдор жана жеке кайрылуулар тартылчу эфирдик студиялардын декорациялары жана реквизиттик бөлүмү толугу менен жаңыртылган. Көрүүчүлөрдүн көңүлүн максималдуу буруу, шайлоо алдындагы программаларды жана талапкерлердин позициясын толугу менен ачып берүү максатында, көрүүчүлөр өздөрү үчүн ар бир талапкерди максималдуу изилдөөсүнө шарт түзүү үчүн КТРКнын эң мыкты кызматкерлери тартылып келип, эл аралык тажрыйба изилденип, колдонуп жана эл аралык коомчулукта колдонулуп келген дебаттардын эң заманбап форматы ишке ашырылды.



Ошону менен 2017-жылдагы КР Президенттигине талапкерлердин теледебатка катышуучулар ортосунда кайчы пикирдеги суроолор жана өлкөнүн ар кайсы булуң бурчунан чогултулган видео суроолорду камтыган дебаттын өзгөчөлөнгөн форматы колдонулду.

Талапкерлерге акы төлөнүүчү эфирдик убакытты берүүнүн жыйынтыгы менен б.а. КТРКдагы шайлоо алдындагы агитация үчүн КР Президенттигине талапкерлердин шайлоо фонддорунан 47 411 895,16 сом суммасындагы акчалай каражат түшкөн. Анын ичинен:

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Бабанов О.Т. | 20 781 030 |
| 2. | Жээнбеков С.Ш. | 14 296 870 |
| 3. | Сариев Т.А. | 8 022 718,3 |
| 4. | Малиев А.К. | 2 349 051,4 |
| 5. | Торобаев Б.Э. | 1 447 118 |
| 6. | Кочкоров У. | 246 285,76 |
| 7. | Бекназаров А. | 139 466,7 |
| 8. | Уметалиева Т. | 31 555 |
| 9. | Зарлыков Э. | 97 800 |

Бул каражаттын басымдуу бөлүгү КТРКнын көчмө телевизиондук студиясын сатып алуу үчүн КР Өкмөтүнөн алынган ссуданы жабууга, КТРКнын техникалык жана инфраструктуралык камсыздоосун жаңыртууга жумшалат.



.

## 3. КАДРЛАР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын отчеттук жылда адамдык ресурстары менен иш алып баруусу КТРКнын штаттык түзүмүнүн кийинки өзгөртүүлөрүндө чагылдырылган.

### *3.1.Корпорацияда адам ресурстарын өнүктүрүү иши тууралуу маалымат*

2017-жылдын 31-декабрына карата Корпорациянын кызматкерлеринин саны 908 кишини түздү, буга штаттык кызматкерлер, кызмат көрсөтүү тууралуу келишимдин негизинде тартылган адистер кирди.



*2016-жылга салыштырмалуу 2017-жылы КТРКнын кызматкерлеринин жалпы саны көбөйгөн жок, андан сырткары 0,5 айлык акыга иштеген кызматкерлердин саны кыскарды. Отчеттук жыл ичинде толук эмес штаттык бирдиктерди комплектациялоо боюнча иштер уланып, 2017-жылдын соңунда 0,5 айлык акыга иштеген кызматкерлердин саны 8 адамдан 6 адамга чейин кыскартылды. Бул кызматкерлер жумушунан бошотулуп жатканда алардын орду толук бирдикке алмаштырылып, 0,5 айлык акыга иштеп жаткандар толук штаттык бирдикке которулуп, айлык акысы тиешелүү көлөмдө көтөрүлгөнүнө байланыштуу.*

*Кызматкерлердин орто жашы 44 жашка чейин, ал эми иш стажы 11 жылга чейин көтөрүлдү. Бул отчеттук мезгил аралыгында баласын карап эмгек өргүүсүнө чыккан кызматкерлердин ордун ээлеп тургандардан башка иштен бошотуу болбогонуна байланыштуу. Жогорку билимдүү адистердин саны 1%га кыскарды. Бул декреттик эмгек эргүүсү учурунда штаттык кызматта отурган жогорку билимдүү кызматкерлердин жумуштан бошотулганына байланыштуу.*

- ✓ Эмгек жана аткаруу дисциплинасын бузгандыгы үчүн 2017-жылы эскертүү, сөгүш берүү жана кварталдык премияларын жоюп салуу түрүндөгү дисциплинардык жазалар 8 кызматкерге карата көрүлдү.
- ✓ 2017-жылы 61 кызматкер жумуштан бошотулуп 55 киши жумушка кабыл алынды.
- ✓ 2017-жылы КТРКнын кызматкерлери 59 ирет өлкөдөн сырткары жана 188 ирет Кыргыз Республикасынын аймагындагы иш сапарга чыгышкан.

**Персоналга мотивация берүү**

2017-жылы кызматкерлерге мотивация берүү максатында профсоюздук комитеттин күчү менен 8-март - Эл аралык айымдар күнү, 21-март - Нооруз майрамы жана Корпорациянын кызматкерлеринин балдары үчүн жаңы жылдык оюн-зоок өткөрүү, мусулмандардын Орозо жана Курман айт майрамдарына карата майрамдык иш чаралар уюштурулган.

Ысык-Көлдүн аймагында жайгашкан эс алуу зоналары менен эки тараптуу акысыз макулдашууларга ылайык, жай айларында Корпорациянын 98 кызматкери Ысык-Көлдүн жээгинде эс алып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

8-декабрдагы телевидение жана радио кызматкерлер күнүнө карата, 2017-жыл жыйынтыгы боюнча КТРКнын 37 кызматкерине, РРТБнын 31 кызматкерине жана КТФнын 2 кызматкерине «Жылдын мыкты жумушчусу» наамы ыйгарылып, ар бир сыйланган кызматкерге премия берилди.

## 3.2. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу. Окуу курстарын уюштуруу

Профессионалдуулук, жыйынтык көрсөтүүнү максат кылуу жана команданын эффективдүү иш алып баруусу Корпорация койгон максаттарга жетүүдөгү олуттуу көрсөткүчтөр. Ошондуктан Корпорацияда персоналды окутуу жана өнүктүрүү тармагында системалуу иш алып баруу тынымсыз жүрүп турат.

*Отчетко Корпорациянын кызматкерлери үчүн өткөрүлгөн тренингдер тууралуу маалымат тиркелген.*

**Корпоративдик маданият**

2017-жылы Корпорация корпоративдик маданиятты жана ички коммуникацияны өнүктүрүү тармагындагы өзүнүн ишин улантты. Корпорациянын топ-менеджменти студиялар менен бөлүмдөрдөгү кызматкерлеринин керектөөлөрүн аныктоо максатында, студия жана бөлүмдөрдүн кызматкерлери менен жолугушуу өткөрдү. Башкы директор өлкөнүн ар кайсы университеттеринде студенттер менен жолугушууларга катышып, ал жактан Корпорацияны жана жалпы эле маалымат каражаттарын өнүктүрүү маселелери талкууланган.







КТРКнын «Окуу борбору» отчеттук мезгилде өткөргөн окутуучу иш чаралардын жалпы саны 17 курсту түзөт, ага 342 киши катышкан. Ошондо, окуу саатарынын жалпы көлөмү 359 саат болду

*Корпорациянын кызматкерлери үчүн өткөрүлгөн тренингдер тууралуу маалымат*

| **Айы** | **Күнү** | **Аталышы** | **Донор** | **Катышуучулар** | | **Жалпы сааты** | **Тренерлери** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Кызмат.** | **Сыртк.** | | |
| **Февраль** | 17-19 | ТВдан айлана чөйрө тууралуу профессионалдуу көрсөтүү | Интерньюс-Европа | **2** | 14 | 30 | Марс Тулегенов, Ибрагим Хасан Ахунов |
| | 13 февралдан тартып | Түрк тили | “Манас” Университети | **20** | | 10 | “Манас” университетинин мугалимдери |
| **Март** | Бүт ай бою | Түрк тили | “Манас” Университети | **15** | | 16 | “Манас” университетинин мугалимдери |
| | 25 – 26 | “Ала-тоо 24” резидентциясында | Deutsche Welle | | | 40 | Элима Джапарова |
| | 15 октябрь | Атайын репортажды өндүрүү | Интерньюс | **2** | 16 | 48 | |
| **Апрель** | Бүт ай бою | Түрк тили | “Манас” Университети | **16** | | 16 | “Манас” университетинин мугалимдери |
| **Май** | Бүт ай бою | Түрк тили | “Манас” Университети | **20** | | 16 | “Манас” университетинин мугалимдери |
| | | Чет өлкөдө окуу мүмкүнчүлүктөрү | | **20** | | 2 | Ташболот Абдрахманов |
| | | Айымдар үчүн семинар | ОФ “Эргене” | **20** | | 4 | Айгуль Кулдаева, Алма Касмамбет |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Июнь** | 25 | “Ала-Тоо 24” үчүн ЖМКдагы диффамация | ИМП | **20** | | 3 | Бегаим Усенова, Алтынай Исаева, Максат Толонов |
| | 21-25 август | Телесериалдарды жана көңүл ачуучу программаларды өндүрүү | КРгы Кореянын Элчилиги, KPDI | **20** | 20 | 40 | Кореялык продюсерлер |
| | | “Ала-Тоо 24” операторлору үчүн окуу материалдарын тандоо | | | | 0 | Аделя Лаишева |
| **Август** | | Теледебаттарга даярдык көрүү | НДИ | **20** | | 18 | Зоран Станоевич |
| **Сентябрь** | | Кызматкерлердин англис тилин билүү денгээлин текшерүү | | **70** | | 0 | Аделя Лаишева |
| **Октябрь** | 30нан тартып | Телеоператор чеберчилиги | Deutsche Welle | **9** | | 16 | З.Раимкулов |
| | 23- тартып | Англис тили | жеке | **18** | | 12 | Луана Ринальди Хай-Тайм |
| | 2 | Шайлоо процесси учурундагы журналисттердин юридикалык коопсуздугу | ИМП | **18** | | 4 | Надежда Алишева, Алтынай Исаева |
| | 27 – 29 | Климаттын өзгөрүшү тууралуу мини лекциялар | GIZ | **11** | | 24 | Экологдор |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жаңы КТС менен иштөө, операторлор жана режиссерлор | Собств. | **12** | | 8 | Түркия жана Россиялык адистер |
| | | Англис тил | | **20** | | 20 | |
| **Ноябрь** | 7 | Телеоператор чеберчилиги | Deutsche Welle | **9** | | 32 | З.Раимкулов |
| | | | | **342** | 50 | **359** | |

# 4. КТРКнын ИНТЕРНЕТ ТАРМАГЫНДА ИШ АЛЫП БАРУУСУ

Отчеттук мезгилде жүргүзүлгөн иштин натыйжасы катары КТРКнын www.ktrk.kg веб сайтындагы көрүүлөрдүн санынын кыйла жогорулагандыгын айтып өтсө болот. Кененирээк төмөндө жазылган.

КТРКнын www.ktrk.kg веб сайт маалыматтык медиа-портал катары, КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын бардык телевизиондук каналдарынын жана радиостанцияларынын бирдиктүү “контен-порталын” түзөт. Өткөн жылда сайттын тагыраак айтканда “КТРК Музыка”, “КТРК Спорт”, “Маданият-Тарых-Тил”, “Баластан” телеканалдарынын интернет баракчаларынын резидайн боюнча иштер жүргүзүлүп, алгачкы күнү-түнү көрсөтүүчү телеканал “Ала-Тоо 24” онлайн-трансляциясы түзүлдү. Канал, бүгүнкү күндө өлкөнүн телеканалдарынын ичинен онлайн көрүүлөрү боюнча биринчи позицияда турат. Андан тышкары КТРКнын “Кыргыз радиосу”, “Биринчи радио”, “Миң Кыял FM” радиосу, “Достук” радиолорунун интернет баракчалары мыктыланды.

<u>КТРК сайттарынын Google analytics боюнча статистикасы</u>

Отчеттук мезгилде сайттын көрсөткүчтөрү кыйла жогорулап, Google analytics аналитикалык сайттын статистикасына ылайык КТРК сайтын көрүү 2016-жылга салыштырмалуу 2 эсеге кобөйгөн жана 4,5 миллион көрүүнү түздү.




Ошондой эле белгилей кетчү жагдай бир жылдын ичинде уникалдуу колдонуучулардын саны 1,6 млн.ду түздү, бул аудиториянын сайттын материалдарына

болгон кызыгуусу эселеп жогорулап жатат дегенди түшүндүрөт. Интернет порталдардагы колдонуучулардын саны тынымсыз көбөйүп жана чукул азайышы кадыресе көрүнүш болуп саналат. Бул жарыяланып жаткан контентке, өлкөдө болуп жаткан окуяларга, аудиториянын кызыгууларына байланыштуу (себеби бүгүнкү күндө ар бир адам өзүнө ыңгайлуу социалдык тармакты же интернет сайтты тандап ала алат). КТРКнын сайты үчүн мыкты көрсөткүч болуп кайтып келген колдонуучулардын саны кескин түрдө 3 млн.го чейин жогорулагандыгын айтса болот.

Бир колдонуучунун сайтта кармалуусунун орточо көрсөткүчү 5 минут 23 секунданы түзөт.

Мобилдик түзүлмөктөрдөн көрүү чоң популярдуулукка ээ боло баштады – 67088 жолу көрүлгөн, бул жалпы сандын 76%ын түзөт. Бул күндөн-күнгө маалымат алуунун ыңгайлураак жолун тандап, мобилдик түзүлмөктөр аркылуу киргендердин саны өсүп жаткандыгын көрсөтүп турат.

Мобилдик түзүлмөктөр аркылуу кирген сеанстардын жалпы саны төмөндөгү таблицада келтирилген, алардын сеансынын узактыгы 2 мүнөттү түздү.

Жаңы колдонуучулардын жалпы саны 706 531 түздү.

**Мобилдик түзүлмөктөрдөн 3 029 225 сеанс жүргүзүлдү**

| **Мобилдик түзүлмөктөрдөн 3 029 225 сеанс жүргүзүлдү** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Түзүлмөктүн тиби*** | ***Трафиктин булагы*** | | | ***Кыймыл-аракеттер*** | | |
| | **Сеанстар** | **Жаңы сеанстар** | **Жаңы колд-р** | **Баш тартуулардын көрсөткүчү** | **Баракча/ сеанс** | **Сеанстын орточо узактыгы** |
| **Бардык колдонуучулар** | **1 975 963**<br>% жалпы сандан 100,00% (1 975 962) | **35,76 %**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 35,76% (0,00%) | **706 531**<br>% жалпы сандан 100,00% (706 531) | **57,65%**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 57,65% (0,00%) | **2,30**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 2,30 (-1,53%) | **00:02:10**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 00:02:10 (0,00%) |
| **Кайтып келген колд-р** | **1 269 432**<br>% жалпы сандан 64,24% (1 975 962) | **0,00 %**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 35,76% (-100,00%) | **0**<br>% жалпы сандан 0,00% (706 531) | **56,72 %**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 57,65% (-1,61%) | **2,27**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 2,30 (0,00%) | **00:02:15**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 00:02:10 (4,26%) |
| **Жаңы колд-р** | **706 531**<br>% жалпы сандан 35,76% (1 975 962) | **100,00 %**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч: 35,76% (179,67%) | **706 531**<br>% жалпы сандан: 100,00% (706 531) | **59,32 %**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч: 57,65% (2,89%) | **2,37**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч: 2,30 (2,74%) | **00:02:00**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч: 00:02:10 (-7,65%) |
| **Мобилдик түзүлмоктөр дүн трафиги** | **1 449 651**<br>% жалпы сандан 73,36% (1 975 962) | **34,68 %**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 35,76% (-3,00%) | **502 781**<br>% жалпы сандан 71,16% (706 531) | **60,12 %**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 57,65% (4,28%) | **2,09**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 2,30 (-9,29%) | **00:01:44**<br>Көрсөтүү үчүн орточ көрсөткүч 00:02:10 (-19,97%) |

## КТРКнын мобилдик тиркемелери боюнча маалымат

КТРКнын бүгүнкү күндө эки мобилдик тиркемеси бар. КТРК тиркемеси жана «Ала-Тоо 24» телеканалынын мобилдик версиясы.

КТРКнын мобилдик тиркемеси өзүнүн ыңгайлуулугу жана контенттин ар түрдүүлүгү менен уникалдуу. Бул жакта КТРКнын 6 теле жана 4 радиоканал

продуктулары бар.

Бул жактан Корпорациянын бардык материалдарын жана жаңылыктарын тапса болот, акыркы саясий, экономикалык, маданий жаңылыктардан тартып көңүл ачуучу, музыкалык жана ток-шоу программаларга чейин. Ошондой эле КТРКнын бардык радиолорун онлайн укса болот.

Тиркеме бардык Андроид жана IOS түзүлмөктөрүндө жеткиликтүү.

Бүгүнкү күндө аны 65,5 миң колдонуучу жүктөп алган, жана жүктөп алуунун саны күндөн-күнгө өсүп келатат. Колдонуучулардын көпчүлүгүн Кыргызстан жана Россиянын жашоочулары түзөт.

**«Ала-Тоо 24» мобилдик тиркемеси**

Өткөн мезгил аралыгында «Ала-Тоо 24» мобилдик тиркемесин иштеп чыгуу боюнча иштер жүргузүлгөн.

Лалафо компаниясы менен биргеликте, «Ала-Тоо 24» тиркемесинин дизайны жана структурасы иштелип чыккан. Эң актуалдуу жаңылыктар, теледолбоорлор, кызыктуу видеосюжеттер, интервьюлар ж.б бар.

Статистикага ылайык, «Ала-Тоо 24» тиркемесинин ишке киришкен учурунан тартып 3 айдын ичинде 5 миңден ашык адам жүктөп алган. Тиркемени мобилдик түзүлмөктөрүнө жүктөп алгандардын басымдуу бөлүгү Кыргызстан жана Россияда турган колдонуучулар.



**<u>КТРКнын телерадио каналдарында NambaOne  мобилдик тиркеме аркылуу жарнама жайгаштыруу боюнча билдирүүлөрдү берүү онлайн сервисин ишке киргизүү</u>**

2017-жылдын сентябрь айында КТРК мобилдик тиркеме аркылуу корпорациянын кызмат көрсөтүүсү үчүн жаңы, уникалдуу сервисинин бет ачарын өткөрдү. «КТРК - жарнама» сервиси көрүүчү жана угармандардын алдында жаңы, ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү ачып жатат. Кызматтын жардамы менен аралык туруп Корпорациянын бардык теле жана радио каналдарына жарнама жайгаштыруу үчүн билдирүү жөнөтүп, ошондой эле «Арноо концерти» программасына куттуктоо жөнөтүүгө мүмкүн болуп калды.

КТРК кызмат көрсөтүүнүн санариптик форматына өткөн Кыргызстандагы алгачкы телерадиокомпания. Бүгүнкү күндө, КТРКнын серивиси Namba One тиркемесинде жеткиликтүү. Аны интернет-дүкөндөрдөн оңой эле жүктөп алса болот. Бул мобилдик тиркеме “Намба” компаниясы менен биргеликте иштелип чыкты.






SMM – илгерилетүү жана социалдык тармактардагы онлайн катышуу

2017-жылы КТРКнын веб сайтты өнүктүрүү бөлүмү КТРКнын телеканалдарынын жана радиолорунун 11 интернет баракчасын: Facebook, Odnoklassniki (бардык телераидоканалдардын топтору менен биргеликте), Twitter жана Instagramдан илгерилетип турат.

Төмөндөгү таблицада КТРКнын расмий сайтында сандык көрсөтүлгөн.



Instagram социалдык түйүнүндөгү аудиториянын көбүрөөк кызык артуусунан улам быйылкы жылы ачылганына бир жыл толо элек @ktrk_live баракчасы 30 миң жазылууларды чогултту. Одноклассники социалдык түйүнүндөгү группанын катышуучулары дагы КТРКнын контентине кызыгышат, себеби, так ушул тармакта Россияда жашаган жаш курагы 15 жаштан жогору болгон мигранттардын көпчүлүгү концентрацияланган.

2017-жылдын жыйынтыгы менен КТРКнын Facebookтагы теле жана радио каналдарынын баракчалары кийинки корсөткүчтөргө жетишти:

1. “Биринчи радио” радиостанцисынын баракчасына – **2959**жазылуучу
2. “Кыргыз радиосу” радиостанцисынын баракчасына – **3100**жазылуучу
3. “Миң-Кыял FM”радиостанцисынын баракчасына – **5089**жазылуучу
4. “Достук радиосу” радиостанцисынын баракчасына – **1200**жазылуучу

**1.** “Маданият –Тарых-Тил” телеканалынын баракчасына –**2743** жазылуучу
**2.** “КТРК Спорт”телеканалынын баракчасына – **5334**
**3.** “КТРК Музыка”телеканалынын баракчасына –**4194**
**4.** “КТРК”телеканалынын баракчасына– **35675**

Жыйынтыгында: **60 294** жазылуучу.

# 5. АДМИНИСТРАТИВДИК-ЧАРБАЛЫК ИШТЕР БОЮНЧА МААЛЫМАТ

## *5.1.HD16:9 форматтагы жаңы телевизиондук көчмө станцияны сатып алуу*

*2007-жылы чыккан 4камералуу эски көчмө телевизиондук станция (КТС) мамлекеттик масштабдуу иш-чаралар менен түз эфирлерди жана берүүлөрдү анча сапаттуу эмес SD 4:3 форматында  тартып көрсөткөн. Жаңы КТСти сатып алуу зарылчылыгы Биринчи жана экинчи Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын чагылдыруу маалында айрыкча байкалды. Мындай ири иш-чараны дүйнө жүзүнө кеңири жана сапаттуу чагылдырып көрсөтө албагандыктан, КР Өкмөтү тартуу иштери үчүн чет өлкөлүктөргө кымбат баага ижара төлөп тартырууга мажбур болду .*

КТРК жаңы КТСти 2016-жылы Кыргыз Республикасынын парламенттик шайлоо алдындагы үгүт иштеринен чогулган өз каражатынын, ошондой эле КР Президенти жана Өкмөттүн колдоосу менен  үстөк пайызсыз берилген ссуданын эсебинен сатып алды.

Заманбап КТСти сатып алуу, аны КРнын территориясына алып келип орнотуу жана чогултуу иштери 2016-жылдын аягынан 2017-жылдын сентябрь айынча чейин созулуп, дээрлик бир жыл убакытты алды. КТСти сатып алуу тендери мамлекеттик сатып алуулар жаатындагы КРнын мыйзамынын чегинде мамлекеттик сатып алууларды жүргүзгөн интернет сайты аркылуу жүзөгө ашты http://zakupki.gov.kg/

HD 16:9 форматтагы жаңы КТС 8 камералуу топтон турат, анын экөө 60 эсе чоңойтуп көрсөтүүчү линзасы менен (зум) жана бирөө зымсыз уланууучу генератордук топтому жана көп каналдуу аппараттык студиясы менен; станция 2 чоң шасси менен Mercedes Actros маркасындагы чакан жаңы жүк машинага орнотулган; жыйынтыгында КТСтин баасы **1 542,817 миң АКШ долларын (курстун орточо наркы боюнча) же 106 454,4 миңсомду түздү.**



Мындай модернизация телекөрсөтүү практикасында төмөнкүдөй позитивдүү өзгөртүүлөрдү жаратат:

- видеосигналды трансляция кайсы жерде болбосун сапаттуу жана жогорку тактыкта чагылдырат;
- көп сандаган камералардын негизинде кеңири тартуу мүмкүнчүлүктөрү жана картиналарды жакындатып жана чоңойтуу мүмкүнчүлүктөрү;
- Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары сыяктуу масштабдуу иш-чараларды жогорку деңгээлде (HD 16:9) түз алып көрсөтүүдө чет өлкөнүн колдоосуна болгон көз карандылыктын жоюлушу;
- дүйнө жүзүндө болуп жаткан окуяларды берүүнү көбөйтүү менен өлкөнүн дүйнө менен аралашуусуна КТРК аркылуу салым кошулду;
- өлкөбүздүн алыскы аймактарындагы иш-чаралар менен маанилүү окуяларды түз алып көрсөтү;
- жаңы КТСтин бардык инфраструктурасы (кабелдери, туташтыруучу түйүндөр жана бөлүштүрүүчү түзүлүштөр ж.б.) келечекте абдан тунук, ачык 4K стандартына чейинки модернизациялоого ыңгайлашкан;
- жаңы КТСтин дагы бир артыкчылыгы Slow-Motion жайлатып көрсөтүү системасы болуп эсептелет. Эми спорт окуяларынын бардыгы көчмө студиянын маанилүү функцияларынын бири болгон, сапаты жагынан Олимпиада оюндарын чагылдыруудан кем калышпаган жайлатып көрсөтүү системасынын жардамы менен көрсөтүлмөкчү;

Жаңы КТСти долбоорлоо жана орноштурууда товарды саткан компаниянын инженерлери иштешип, КТРКнын адистерин-окутуп-үйрөтүп кетишти.




Ошону менен бирге, КТРКнын рекламалык ишмердүүлүгүнөн түшкөн өзүнүн жеке каражатына жаңы КТСти коштоп жүрүү үчүн **618, 856 сомго** машина сатып алынды.


*Бул таблица КТРКнын эски жана жаңы көчмө телевизиондук станциясын салыштыруу үчүн берилди*

|  СТАРЫЙ ПТС | |  НОВЫЙ ПТС |
|---|---|---|
| 2007 | Год сборки | 2017 |
| 4-х камерный | Кол-во камер | 8-и камерный |
| SD стандартное разрешение   | Формат/ Качество изображения | HD высокое разрешение   |
| 22-х кратное | ZOOM масштаб-е | 60-и кратное |
| НЕТ | Замедленная съемка | Имеется SLO-MOTION |
| НЕТ | Комментат-е места | 4 рабочих места |
| НЕТ | Графическое оформление | Имеется |
| НЕТ | Перспектива модернизации | Апгрейд до 4К |

## 5.2. *Өндүрүшкө шарт түзүү. Өндүрүш бөлмөлөрүн оңдоп-түзөө.*

Корпорациянын кызматкерлеринин жакшы шартта иштешине 3 жыл мурда көрүлүп баштаган камкордук милдеттери 2017-жылы да улантылып, КТРКнын тамтыгы чыгып бүткөн өндүрүштүк бөлмөлөрүнө капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, инфраструктурасы жакшырды. Ошентип отчеттук мезгилде Корпорациянын блогундагы АСКнын фойесинде жайгашкан гримдөөчү жана эфирге чейинки даярдык бөлмөлөрү реконструкцияланып, ишке берилди.









Мурда 2 гримм бөлмөсү болсо, азыр гримдөөчү бөлмөнүн саны 5ке жетип, иштөө үчүн заманбап шарттардын баары түзүлдү.

Мындан сырткары, өз-өзүнчө чакан бөлмөлөр бириктирилип, иш аймагы кеңейди. Оңдолгон бөлмөлөрдүн жалпы аянты 14,000 кв. метрди түздү.

Буга кошумча, съемка менен эфирге даярдоо тез жана сапаттуу болуш үчүн гримдөөгө керектүү профессионалдуу каражаттар сатылып алынды. Маселен: Мурда гримерлордо баш жууп берүүгө шарт жок болчу. Азыр профессионалдуу фаянс коюлуп, теле алып баруучулар менен эфирге келген коноктордун чач жасалгаларын жасоо кыйла жеңилдеди.



Мурда гримдөөчүлөр бир күндө 25-30 кишини тейлесе, азыр 50 адамга чейин (чач жасалгалоо менен мейкап). Бул - демек өндүрүм эки эсеге өстү дегенди билдирет.

*Жылуу жана ысык күндөрү грим агып түшүп калбашы үчүн кондиоционер орнотулду.*

*Келгендерге жагымдуу атмосфера менен жайлуу шарттар түзүлдү. Алар гримдөө учурунда бош отурбай, сценарийлик план жана тексттер менен иштеп, эфирге чыгар алдында убакытты үнөмдөй алышат*

**АСКнын оңдоп-түзөлгөн жалпы аянты 134.9 кв.м.**

**Жүргүзүлгөн иштин баасы 728.547 сом**



## *5.3. Эл аралык кызматташтыктын кеңейиши. Башка ММКлар менен кызматташу.*

Отчеттук мезгил аралыгында мүмкүнчүлүктөрдүн жана артыкчылыктарды бере турган бир нече эки тараптуу пайдалуу келишимдерге кол коюлду:

- ✓ “Ала-Тоо 24” 24 сааттык маалымат телеканалына жаңылыктарды берүү кызматын көрсөтүү үчүн **CCTV News Content Co. Ltd. (“CCTV+”)** менен **Келишим**;

- ✓ «Славянский базар в Витебске» аттуу XXVI эл аралык искусство фестивалынын 4 концертин көп жолу пайдалануу боюнча **Беларусь Республикасынын Улуттук мамлекеттик телекомпаниясы** менен лицензиялуу макулдашуусу;

- ✓ 2018-жылы күчүнө кире турган КТРК радио кызматкерлеринин тажрыйба алмашуу кызматташтыгын жаңыртуу боюнча КТРКнын **Түрк телерадиокомпаниясы (ТРТ)** менен түзгөн Келишими;



✓ КТРК 60 сериялуу “Аяулы Арман” (“Аруу тилек”) телесериалын кыргызчага которуп жана көрсөтүп, аудиториянын жылуу пикирине арзып, анын негизинде **Республикалык «Казахстан» телерадиокорпорациясы** менен кызматташуу жана телерадиоберүү жана аудиовизуалдык продукцияларды алмашуу тармагында биргелешип иш жүргүзүү боюнча Меморандум түзүлдү. Ошондой эле ал учурда 100 сериялуу “Кара Шанырак” (“Ата конуш”) экинчи сериалды алуу иштери жүрүп жаткан. Котормо жана дубляжы бүтөрү менен 2018-жылдын 19-февралынан тарта аталган сериал "Коомдук биринчи каналдан" көрсөтүлө баштады;

✓ **ABU SPORTS** (ABU СПОРТ) группасына мүчөлүккө кирүү тууралуу Келишимдин негизинде КТРК спорттук контенттин платформасына бекер мүмкүнчүлүк алды.



### *5.4. Корпорациянын аудитория менен байланыш түзүүсүн жакшыртуу боюнча иш жыйынтыгы*



# 6. ПРОГРАММАЛАР ТОРЧОСУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

## *6.1.Жаңы телеберүүлөр*

Медиа рыноктун анализи, атаандаштардын программалык саясаты, аудиториянын сын-пикирлери менен сунуштары, ошондой эле өлкөнүн санариптик телеберүүгө өтүшү башкы "Коомдук биринчи каналы" жана Корпорациянын башка жеткиликсиз телеканалдары программалар сеткасын олуттуу өзгөртүүгө аргасыз кылды. Программалар сеткасын реформалоо баарынан мурда эскирген, мазмуну жана форматы жагынан окшош, сапатсыз берүүлөр тийип, эфирден алынды. Алардын ордуна көрүүчүлөрдүн купулуна толо турган жаңы теле берүүлөр ачылды. Төмөндө КТРКнын жаңы долбоорлорунун айрымдары мисалга алынды




**"Мекен чегинде" теледолбоору**

Мекен чегинде" - чек арадагы аскердик кызмат жана армиядагы аскердик кызматтын бардык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү теледолбоор. Аскердик кызмат, окуу, даярдык, аскердик милдет, ант жана каармандык - КТРКнын бул жумалык берүүсүндө көрсөтүлөт.

**"Суроо" теледолбоору**

"Суроо"-Кыргызстандагы белгилүү спорт чеберлеринин өмүрү жана жетишкендиктери тууралуу “КТРК Спорт” каналынын долбоору. Программа интервью форматында.



**"Спорт сыймыктары" теледолбоору**




"Спорт сыймыктары" - Кыргызстандагы чемпиондордун жана белгилүү спортчулардын, алардын жашоо-турмушундагы жана спорттогу жетишкендиктериндеги кызыктуу фактылар, сыйлыктары жана кыйынчылыктар, спортко жана мекенге болгон сүйүүсү тууралуу “КТРК Спорт” телеканалынын долбоору. Спорт жана атак-даңк, күрөш жана талыкпас эмгек жана башкалар-“Спорт сыймыктары” теледолбоорунда.

**«Агро чарба» теледолбоору**

«Агро чарба» – бул азыркы агардык Кыргызстандын жашоосу тууралуу программа. Бүгүнкү күндө агрардык аймактарда эмнелер болуп жатат? Айыл тургундары кандай көйгөйлөр менен бет келишүүдө? Айыл чарба тармагында кездешкен кыйынчылыктарды алар кантип жеңип чыгышат, эмнелерди өстүрүп, айыл чарбаны өстүрүүдө кандай кадамдарга барышат? Бул суроолорго жоопту КТРКнын аталган долбоору берет.

**Блок спортивных новостей" теледолбоору**

Өткөн жуманын спорт жаңылыктар топтому. Спорттук мелдештер, футбол матчтары, эл аралык турнирлер, Кыргызстандагы жана дүйнө жүзүндөгү акыркы спорт жаңылыктары жөнүндөгү берүү.

**"Билим KG" теледолбоору**

Билим  KG" - Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы жетишкендиктер жана кемчиликтер тууралуу атайын репортаж форматындагы теледолбоор. Өлкөдөгү окуу жайлардын жана ЖОЖдордун көйгөйлөрү жана реформалары тууралуу көрсөтөт.

**"Тамсил" теледолбоору**

Коомдогу жашоо-турмуштун, көйгөйлөрдүн, терс көрүнүштөрдүн сатиралык-ирониялык (каймана шылдың) мүнөздөгү экрандаштырылган тамсил. "Тамсилде" абийирсиз адамдар шылдыңга алынат.

**"Арена" теледолбоору**




Арена" - "КТРК Спорт" телеканылынын интерактив форматындагы теледолбоору, ал түз эфирде спорт дүйнөсүндөгү акыркы окуялар талкууланат. Студияга белгилүү коноктор жана спорт боюнча эксперттер чакырылат. Теле көрүүчүлөрдүн түз эфирде меймандарга суроо берүү мүмкүнчүлүгү бар




**"Телесабак" теледолбоору**

"Телесабак"-сорттун бардык түрлөрү: шахмат, тогуз коргоол, боюнча үйрөтүүгө багытталган берүүлөрдүн цикли. Телеберүүдө интеллектуалдуу спорттун методикасы менен чебердиги көрсөтүлөт.

**"Наши люди" теледолбоору**




"Наши люди" - "Маданият-Тарых-Тил" каналынын Кыргызстан маданияты менен искусствосуна салым кошкон көрүнүктүү адамдары жөнүндөгү теледолбоору маданият ишмерлеринин өмүрү-чыгармачылыгы, жашоосунун урунттуу учурлары тууралуу.

**Телепроект "За кулисами"**




"За кулисами"-"Маданият-Тарых-Тил" каналынын көшөгө артындагы жашоо тууралуу теледолбоору. Театр артисттери жана искусство ишмерлери образдар кантип жаралары, сахнага чыгар алдындагы даярдыгы, эмоциялары жөнүндө кеп козгошот. Телеберүү интервью форматында кыргыз жана орус тилдеринде.

**"Тайм Аут" теледолбоору**




"Тайм Аут" теледолбоору “КТРК Спорт” телеканылынын маалыматтык дайджест форматындагы долбоору. Спорт дүйнөсүндөгү эң маанилүү 10 спорттук иш-чара, республикалык жана дүйнөлүк масштабдагы спорт командалары жөнүндө кызыктуу маалыматтар.

**"Сонун ыр" теледолбоору**




"Сонун ыр" -"Баластан" каналынын телекөрсөтүүсү, анда балдар ар кандай тематикадагы ырларды айтышат. Мисалы, 8-мартка карата көрсөтүү тартылып, жаш таланттар энелери, эжелери, мугалим эжейлери, жалпы эле аялзаты тууралуу ырларды айтышты.

**Телепроект "Балдар тамсилдери"**

"Балдар тамсилдери"-“Баластан” каналынын нравалык-тарбиялык мүнөздөгү теледолбоору. Балдар айбанаттардын кейпин жамынып, адамдардын коркоктугун, текеберлигин, кошоматчылыгын, бири-бирине жасаган адилетсиз мамилесин ашкерелеген тамсилдерди айтышат.




**"Online жылдызы" теледолбоору**




"Online жылдызы"- "КТРК Музыка" каналынын блиц-сурамжылоо форматтагы теледолбоору. Программада белгилүү эстрада аткаруучулары жана азыркы шоу-бизнес өкүлдөрү социалдык тармактын колдонуучулары берген суроолорго жооп беришет.

**"EngliShow" теледолбоору**

"EngliShow" теледолбоору - англис тилинин биздин Республикада популярдуу болушуна багытталган жаштар долбоору. Тилди үйрөтүү оюн формасында өтөт, көрүнүктүү артисттерден жана жигердүү жаштардан түзүлгөн эки команда англис тилин канчалык деңгэлде билерин сынашып мелдешет. 16 көрсөтүү учурунда катышуучулар англис тилин өздөштүрүшүп, финалдын жыйынтыгы менен 4 мыкты катышуучу баш байгени - Лондонго жолдомону утуп алышты.





**"Асман" теледолбоору**

"Асман" - эң масштабдуу вокалдык ТВ-долбоор. Эч кимди кайдыгер калтырбаган шоу. Бийик үндөр, укмуш аткаруулар, чын жүрөктөн чыккан эмоциялар, кубанычтан жана кайгыруудан чыккан коз жаштар - булардын баары "Асман" шоуда. Мындай конкурс өлкөбүздө биринчи жолу өткөрүлдү. Бул чет өлкөлүк X-Factor,American Idol, "Главная сцена" сыяктуу шоулардын аналогу. Долбоордун максаты - бүт өлкөдөгү жаңы таланттарды алып чыгуу жана алардын өздөрүн таанытуусуна мүмкүнчүлүк берүү.





**"Шайыр апалар" теледолбоору**




"Шайыр апалар" - республикалык масштабдагы телефестиваль,“Маданият-Тарых-Тил” каналынын “Ыйман, адеп жана маданият жылына" карата атайын түзгөн долбоору. Карып калган курактарына карабай, долбоорго активдүү катышкан фольклордук жанрдагы талантуу командалар Кыргызстандын ар бир регионунан тандалып түзүлгөн.





**Достук радиоканалынын долбоору - "Биз кыргызча сүйлөйбүз"**

"Биз кыргызча сүйлөйбүз" - чет өлкөлүк ыктыярчылардын катышуусунда кыргыз тилиндеги радиоберүү. Долбоордун максаты – Кыргызстанга келген коноктордун жана туристтердин арасында кыргыз тилин өнүктүрүү жана популярдуу кылуу, кыргыз тилине, кыргыз элинин маданиятына, искусствосуна кызыгуусун арттыруу. Берүү учурунда студиянын меймандары кыргыз ырларын аткарышып, өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жана өлкөгө келгендеги тажрыйбаларын айтып беришет.



**“Кыргыз радиосу” радиоканалынын долбоору – "Түз эфирде жолугушуу"**

"Түз эфирде жолугушуу" - белгилүү маданият ишмерлеринин, артисттердин, жазуучулардын, искуствоведдердин, акындардын катышуусундагы радиоберүү. Түз эфирде радио угармандар берүүгө келген инсандарга кызыккан суроолорун берип, маданият жана искусство тармагы жана бул чөйрөдөгү иш-чаралар, келечектеги пландар тууралуу биле алышат.



## *6.2. 2017-жылы Корпорация продакшн студиялардан алып көрсөткөн программалар тизмеси.*

| п/п | Мекеменин, контрагенттин аталышы | Келишимдин номери | Долбоордун аталышы | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | ЖИ Усеналиев А. | 1/17-Б | "Радуга после дождя" көркөм фильми | 11.01.2017- ж.- 20.09.2017-ж. |
| 2 | "Капитал Инфо Сервис" ЖЧКсы | 2/17-Б | "Capital" | 01.01.2017- ж.- 31.12.2017- ж. |
| 3 | ЖИ Осмонканов Б. | 3/17-Б | "Моника Беллучи" концерт | 24.01.2017- ж.- 30.04.2017-ж. |
| 4 | ЖЧК "ТелеМедиа" | 4/17-Б | "Жыргал Лайф | 05.01.2017-ж.- 31.12.2017-ж. |
| 5 | ЖЧК "3 В медиа" | 5/17-Б | "Келин Шоу" долбоору | 24.01.2017- ж.- 30.04.2017 -ж. |
| 6 | ЖИ Джаныбеков Н. | 6/17-Б | "Понт" көркөм фильм | 14.02.2017-ж.- 30.09.2017-ж. |
| 7 | ЖЧК "Креатив гамма медиа групп" | 7/17-Б | Ф. Киркоровдун концерти | 10.01.2017- ж.- … |
| 8 | "Региональная лига КВН Ала-Тоо" | 8/17-Б | "Легкие деньги" долбоору | 01.04.2017- ж.- 25.06.2017-ж. |
| 9 | Джаныбеков Н.А. | 9/17-Б | "Тиги-Бу" к/ф | 17.03.2017-ж.- 30.11.2017-ж. |
| 10 | ЖЧК "Кинокомпания Аманат Фильм" | 10/17-Б | "В поисках мамы" к/ф | 11.01.2017-ж. - … |
| 11 | ЖЧК "Адам-Булак" | 11/17-Б | "Жетиген" журналы маалыматтык колдоо | 17.01.2017-ж.- 31.12.2017-ж. |
| 12 | ЖЧК "Синетрейн" | 13/17-Б | "Разбуди меня" | 06.04.2017- ж .- 30.11.2017-ж. |
| 13 | ЖИ Джоомартова Р.А. | 15/17-Б | "Шаардык келин Шарапат-2" к/ф | 19.04.2017 -ж.- 30.11.2017-ж. |
| 14 | ЖИ Табалдиев А. | 16/17-Б | "Жарайт-Сити III" | 11.05.2017-ж.- 31.11.2017-ж. |
| 15 | ЖИ Табалдиев А. | 17/17-Б | "Эл эмне дейт II | 11.05.2017 -ж.- 31.11.2017-ж. |
| 16 | ЖЧК "Асылбашев Креатив" | 18/17-Б | "Асман" | 03.05.2017-ж.-… |
| 17 | ЖИ Откеев С.М. | 19/17-Б | "Эл укпасын" к/ф | 11.05.2017 -ж.- 25.02.2018-ж. |
| 18 | ЖЧК "Шаир Студия" | 20/17-Б | "Кеч күздөгү махабат" к/ф | 11.05.2017-ж.- 030.11.2017-ж. |
| 19 | ЖЧК "Frist Media" | 21/17-Б | "Намба уан трэвел" | 06.06.2017 -ж.- 30.06.2018-ж. |
| 20 | ЖИ Боорченов | 22/17-Б | "Жаштар Лигасы", концерт | 24.04.2017-ж.- 20.05.2017-ж. |
| 21 | ЖЧК "М Продакшн" | 23/17-Б | "Эки жүрөк" долбоору | 10.06.2017-ж.- 31.08.2017-ж. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 22 | " А.Салымбековдун прогрессивдүү демилгелер" коомдук фонду, ЖЧК "Hightime" | 24/17-Б | "English show" | 16.06.2017-ж. - 31.12.2017-ж. |
| 23 | ТО "Ракета ТВ" | 26/17-Б | "Сто дорог" долбоору | 02.02.2017-ж. - 31.12.2017 -ж. |
| 24 | ТО "Микс Медиа" | 29/17-Б | "Легенды озера Иссык-Куль" концерти | 11.07.2017 -ж. - … |
| 25 | ЖЧК"Эл Продакшн" | 30/17-Б | "Я инвестирую в КР" | 17.07.2017-ж. - 20.09.2017 -ж. |
| 26 | ЖЧК "Тегегей компани" | 35/17-Б | "Саякбай" к/ф | 22.08.2017-ж.- … |
| 27 | ЖИ Болотина К. | 37/16-Б | Видеосюжет "Иностранцы пробуют" | 26.06.2017-ж.- 31.12.2017-ж. |
| 28 | ЖИ Ирискулов А. | 38/17-Б | "Семейный бюджет" | 07.09.2017- .31.12.2017-ж. |
| 29 | ЖЧК"Эл- Продакшн" | 40/17-Б | "Я инвестирую в КР 2" | 11.09.2017 -ж. - 30.11.2017 -ж. |
| 30 | ЖЧК "СтендАп Камеди Бишкек" | 41/17-Б | "Стенд Ап Камеди Бишкек" | 11.09.2017-ж. - 31.12.2017-ж. |
| 31 | ЖЧК "Култаев продакшн" | 43/17-Б | "Салам, Кыргызстан!" | 21.08.2017-ж.- 30.08.2018 -ж. |
| 32 | ЖЧК "Бекболу" | 44/17-Б | "Кидс стар" концерт | 21.08.2017 -ж.- 10.09.2017-ж. |
| 33 | ЖИ Джоомартова Ы. | 45/17-Б | "Апал-Үпөл" | 19.10.2017-ж.- 31.05.2018 -ж. |
| 34 | ЖЧК "Бекболу" | 46/17-Б | "Бактылуу Айым" | 01.09.2017-ж.- 01.09.2018-ж. |
| 35 | АО "Тамашоу" | 47/17-Б | "ТамаШоу" | 24.10.2017-ж. - 30.06.2018 -ж. |
| 36 | ЖЧК "ТелеМедиа" | 48/17-Б | "Силк Вэй Стар" | 08.10.2017-ж.-… |
| 37 | ЮНИСЕФ | 49/17-Б | "Керемет Коч" | 16.10.2017-ж.- 31.12.2022 -ж. |
| 38 | ЖИ Кочконбаев М. | 51/17-Б | "Бунт"к/ф | 20.11.2017-ж.- 30.07.2018-ж. |
| 39 | ЖИ Осмонканов Б. | 54/17-Б | "Ата" к/ф | 01.11.2017-ж.- 30.07.2018-ж. |
| 40 | ЖЧК "Адам-Булак" | 55/17-Б | маалыматтык колдоо | 20.12.2017-ж.- 31.12.2018-ж. |
| 41 | ИП Майрамбек у. Ж. | 56/17-Б | "Айыл Кэмп" к/ф | 28.12.2017-ж.- 30.08.2018-ж. |
| 42 | ЖЧК "Аманат Фильмс" | 57/17-Б | "ЗОР" к/ф | 26.12.2017 - ж. - … |

# 7. КОРПОРАЦИЯНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ФИНАНСЫ-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИНИН ЖЫЙЫНТЫГЫ

Мекеменин бакубаттыгы жана анын ишмердүүлүгү белгилүү бир өлчөмдө аталган субъекттин чарба жүргүзүүдө кандай финансылык ресурстарды бөлүштүргөнүнө, алардын түзүмү канчалык оптималдуу экендигине, негизги жана жүгүртүү фондун канчалык максаттуу пайдаланышына жараша болот. Мына ушуга байланыштуу, финансы ресурстарын тартууну жана натыйжалуу пайдаланууну башкаруу финансы менеджментинин башкы милдеттеринин бири болуп саналат. Финансылык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун аныктоо кирешени өстүрүүгө, чыгашалардын себептерин табууга, ошондой эле туруктуу финансылык абалды камсыздоого багытталган башкаруучулук чечимдерин кабыл алуу үчүн зарыл.

КТРКны каржылоо ички жана тышкы каржылоо болуп экиге бөлүнөт. Сырттан каржылоо министрликтер жана ведомстволор менен катар республикалык бюджеттен, ички каржылоо – өзүнүн жеке кирешелеринен.

Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексине кирген өзгөрүүлөр Корпорациянын каржылоо түзүмүн дагы өзгөртүүгө алып келди. 1-таблицада Корпорациянын бюджетинин түзүмү жана динамикасы сунуш кылынды.

**КТРКнын бюджетинин 2013-2017-жылдардагы түзүмү жана динамикасы/ миң сом**

*Таблица 1*

| | 2013 факт | 2014 факт | 2015 факт | 2016 факт | 2017 факт |
|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык бюджет | 438 852,40 | 427 816,70 | 400 233,40 | 439 287,70 | 478 366,50 |
| Жеке каражат жана гранттар | 118 192,30 | 143 404,20 | 265 348,60 | 177 255,40 | 160 188,60 |
| Бюджет, бардыгы | 557 044,70 | 571 220,90 | 665 582,00 | 616 543,10 | 638 555,10 |
| Капиталдык салымдар | 19 130,70 | 45 283,00 | 97 528,50 | 43 454,90 | 130 453,40 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, Корпорация акыркы жылдары олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду: бюджеттен каржылоо суммалар мурдагы атайын эсепке түшкөн бюджеттик алмаштыруунун эсебинен өстү. Бул - бюджет долбоорунда пландалган 2 8293,8 миң сом түздөн-түз республикалык бюджетке түштү деген сөз, андан кийин бюджеттик мыйзамдын талаптарынын негизинде КР Каржы министрлигинин чыгашалар сметасына ылайык багытталды.

Ошондуктан, бюджеттен каржылоонун өсүшүн кошумча финансы каражаты катары карабаш керек - бул кайрадан түшкөн жеке кирешелер. Так ушул сыяктуу эле,

жеке каражаттын азайышы жөнүндө да айтып болбойт. Корпорациянын болгон бюджетин жалпы кирешелердин жана чыгашалардын чегинде аныкталган, өзгөрбөгөн статьянын бөлүгүн салыштыруу менен кароо керек. Мамлекеттик бюджеттен КТРкны каржылоо көлөмү отчеттук жылда 2017-жылга карата билдирилген бюджет долбоорунан 62,3% деңгээлинде жүргүзүлгөн (2-таблица). Мында республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын негизги бөлүгү сигналды тартуу кызматтарына төлөнөт жана корпорациянын бюджетинин 42,0 % түздү. Белгилей кетүүчү жагдай, РПО РМТР кызмат төлөмдөрүнүн кыскарышы Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат министрлигинин Маалымат жана массалык коммуникациялар департаментинин социалдык каналы тарабынан максаттуу каржылоосу аркылуу жүргүзүлдү. 2018-жылы телеканалдар үчүн төлөмдөрдү кыскартуулар берүүлөр SD форматтагы санарипке өткөндө каралат, чыгымдар болгону радиону таратууда кызмат төлөмдөрүнө кетет. 2017-жылдын апрел-май айларында КР Мамлекеттик байланыш агенттигинин өкүлдөрү жана РРТЖМ РӨБнун кызматкерлери менен биргеликте республиканын бүткүл аймагы боюнча жер-жерлердеги сапатсыз сигналды аныктоо боюнча инспекторлук текшерүүлөр жүргүзүлдү. Белгилей кетсек, санариптик берүүлөргө өтүүнүн натыйжасында трасляциянын сапаты жакшырып, техникалык мүчүлүштүктөр кыскарды. Текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча алып көрсөтүү кызматтары үчүн жазапулдар жана техникалык токтоп калуулар боюнча акы төлөөнүн баасы алынып салынган, бул 4 465,0 миң сом (төрт миллион төрт жүз алтымыш беш миң сом) сумманы түздү.

**Республикалык бюджеттен караштырылган жана факт жүзүндөгү суммаларды салыштыруу таблицасы/миң сом**

*Таблица 2*

| | 2017-жыл | | |
|---|---|---|---|
| | Бөлүнгөн бюджет | Каралган бюджет | Такталгандын талап кылынуучу бюджетке карата катнашынын % |
| Бюджет, бардыгы | 478 366,50 | 768 374,90 | 62,3 |
| %дарда | 100 | 100,0 | |
| анын ичинен: | | | |
| Эмгек акы | 118 825,40 | 118 825,40 | 100,0 |
| %дарда, | 24,8 | 15,5 | |
| СФго которуулар | 20 558,80 | 20 558,80 | 100 |
| ошол эле % дарда | 4,3 | 2,7 | |
| Кызматтык иш сапарлар | 4 140,20 | 4 140,20 | 100,0 |
| ошол эле %дарда, | 0,9 | 0,5 | |
| Коммуналдык төлөмдөр | 312 914,10 | 318 160,20 | 98,35 |
| ошол эле %дарда, | 65,4 | 41,4 | |
| Машиналар жана жабдуулар | 2 719,3 | 287 481,60 | 0,9 |
| ошол эле %дарда | 0,6 | 37,4 | |
| Башка кызматтарды сатып алуу | 17 590,90 | 17 590,90 | 100,0 |
| ошол эле %дарда, | 3,7 | 2,3 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 1 617,80 | 1 617,80 | 100,0 |
| ошол эле %дарда | 0,3 | 0,2 | |

Ошондой эле, Корпорациянын 6 каналындагы жеке телеберүүлөрдүн көбөйүшүнө байланыштуу, Өкмөттүн колдоосу менен гонорардык фонд 8528,7 миң сомго өстү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 12-апрелиндеги №113-р тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүсүнө тезирээк өтүү максатында 3000,0 миң сом бөлүнүп, «Ала-Тоо 24» каналына жабдуулар сатылып алынды. Тендер өткөрүлгөндөн кийин 2 719,3 миң сом өлчөмүндөгү сумма керектелди. Корпорация өзүнүн жеке каражатынын эсебинен 130 453,4 миң сомдук (1-таблица) капиталдык салым киргизди, анын ичинен 106 454,4 млн. сомго заманбап КТС сатып алды. Компаниянын финансы каражаттарын түзүүнүн негизги стратегиялык максаты болуп, келечекте чарбалык ишмердигин өнүктүрүүнү камсыздай турган зарыл болгон активдерди түзүүдө керектөөлөрдү канааттандыруу эсептелет.

Корпорациянын финансы ресурстарын түзүү процессин стратегиялык башкаруу, өздүк каражаттардын түзүмүн жана динамикасын карап чыгуунун зарылдыгын алдын-ала аныктап турат.

**КТРКнын 2013-2017-жж. өздүк кирешелеринин түзүмү жана динамикасы /миң сом**

*Таблица 3*


| | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Саясий жарнама | 46506,6 | 12086,4 | 7888,8 | | | 78948,9 | 13490,6 | 42332,0 |
| Жарнама жана башка кирешелер | 53282,4 | 76918,4 | 86837,0 | 118192,3 | 143404,2 | 181937,4 | 163764,8 | 117856,6 |
| **Бардыгы** | **99789,0** | **89004,8** | **94725,8** | **118192,3** | **143404,2** | **260886,3** | **177255,4** | **160188,6** |
| анын ичинде: | | | | | | | | |
| Жарнама | **78375,1** | **53249,6** | **56982,8** | **70326,1** | **86433,8** | **103217,4** | **91396,4** | **91938,5** |
| Эфир убактысы | 21413,9 | 29675,1 | 33380,0 | 39677,7 | 48642,2 | 56017,4 | 55973,2 | 2849,4 |
| Жабдуулардын жана мекемелердин ижарасы | | 2708,5 | 1400,3 | 1902,3 | 2869,0 | 2063,7 | 2606,7 | 4907,7 |
| Жүгүртмө сап | | 280,0 | 358,7 | 1497,9 | 1642,4 | 2879,0 | 2107,4 | 1758,4 |
| Арноо концерти | | 875,0 | 958,6 | 317,3 | 781,3 | 773,1 | 531,0 | |
| Көрсөтүүлөрдүн программасы | | 536,8 | 621,5 | 844,0 | 366,0 | 470,0 | 657,0 | |
| Гранттар жана демөөрчүлөр | | | 574,0 | 2 185,5 | 61,8 | 10858,2 | 5592,4 | 6359,3 |
| РТРдеги жарнама | | | | | | | | 132,4 |
| Башкалар | | 1679,8 | 449,9 | 1441,5 | 2607,7 | 5658,6 | 4900,7 | 2910,9 |

Жогоруда келтирилген 3-таблица Корпорациянын акыркы 8 жылдагы кирешелеринин динамикасын көрсөтөт. Санариптик берүүлөргө өткөндөн тартып бир нече телеканалдар ачылып, атаандаштык күч алганына карабай, Корпорация реклама


рыногунда алдыңкы лидерлик позициясын ийгиликтүү сактап келатат деп ишенимдүү айта алабыз. 2010-жылга салыштырмалуу, саясий шайлоолорго байланышпаган, жалаң жарнамадан түшкөн киреше 17%га (13563,4 миң сом) өстү. Эгерде Бюджеттик кодекстин негизинде республикалык бюджетке түшкөн кирешелерди кошо эсептегенде, анда Корпорациянын жалпы кирешеси 188 482,4 миң сомду түзүп, былтыркы жылга караганда 6 %га жогору болмок. Бирок түшүп калууга карабай, Корпорациянын негизги киреше булактары көбөйүүдө.

**КТРКнын 2016-2017-жыл ичиндеги салыштырмалуу өздүк кирешелери, миң сом**

**2016-жыл**




**2017-жыл**




Корпорациянын кирешелеринин негизги булагы болуп жарнама убактысын сатуу болуп саналат (2016-жылдын 51,6% кирешесине салыштырмалуу 2017-жылы 57,4% киреше), кошумча ири киреше Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо учурундагы саясий жарнамадан 26,4% түштү, ошол эле учурда эфир убактысынын контентин жайгаштыруу 31,6% кирешеден 1,8%га кыскарды. Атайын эсептеги каражат аккумуляция кылуудан жана республикалык бюджетке которуудан кемиген. Жогоруда белгидегендей, Корпорациянын өздүк кирешесинен 28293,8 миң сом өлчөмдөгү сумма бюджеттик алмаштыруудан түшүп калган. Бул кирешелердин ичинен төмөнкүлөр: эфир саатын сатуудан 27341,8 миң сом; «Арноо-концертинен» келип түшкөн 372,7 миң сом; берүү программаларын сатуудан келип түшкөн 550,0 миң сом; видеоматериалдарды сатуудан 29,3 миң сом. Гранттардан түшкөн каражаттар Бюджет Кодексине ылайык, атайын эсеп боюнча өздүк киреше болуп саналат. Гранттык кирешелердин жалпы суммасы 4764,3 миң сомду түздү. Жабдууларды жана имарат ичин ижарага берүүдөн түшкөн киреше эки эсе өстү.

4-таблицада 2017-жылдагы эфир убактысын сатуунун көрсөткүчтөрү келтирилген.

**Жарнама убактысын 2014-2017-жж сатуу/мүнөт**

*Таблица 4*

| көрсөткүчтөр | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|
| КТРКнын негизги каналын берүүнүн эфирдик убактысы | 386 293,8 | 374 961,0 | 386 580,0 | 393 594,0 |
| Уруксат берилген жарнама убактысы ("КТРК жөнүндө" мыйзам 9-бер 2-п) | 38 629,4 | 37 496,1 | 38 658,0 | 39 359,4 |
| **Коммерциялык жарнама** | | | | |
| прайм тайм | 6681,9 | 7 010,1 | 6 743,8 | 5 435,9 |
| офф тайм | 1670,5 | 2 224,5 | 1 054,1 | 1 527,7 |
| ***Жыйынтыгында комм.жарнама*** | ***8352,4*** | ***9234,5*** | ***7 797,9*** | ***6 963,6*** |
| **Саясий жарнама** | | | | |
| прайм тайм | | 1373 | 212,2 | 484,1 |
| офф тайм | | 589 | 37,4 | 55,4 |
| ***жыйынтыгында саясий жарнама*** | ***0*** | ***1962*** | ***249,6*** | ***539,5*** |
| **социалдык жарнама (5% жарнама тууралуу мыйзамдын 20-3-бер 1-п.) акысыз** | ***417,6*** | ***559,8*** | ***402,4*** | ***375,2*** |
| прайм тайм | 1735 | 608 | 1 293,0 | 2 010,8 |
| офф тайм | 2 603,0 | 910 | 1 940,0 | 3 016,1 |
| ***Жыйынтыгында акысыз соц. жарнама*** | ***4 338,0*** | ***1518*** | ***3 233,0*** | ***5 026,9*** |
| **Акы төлөнүүчү соц. жарнама** | | | | |
| прайм тайм | 575 | 758,1 | 347,5 | 482,1 |
| офф тайм | | 182,6 | 61,3 | 183,9 |
| ***Жыйынтыгында акы төлөнүүчү соц. жарнама*** | ***575*** | ***940,7*** | ***408,8*** | ***666,0*** |
| ***Жыйынтыгы*** | ***13265,4*** | ***13655,2*** | ***11689,32*** | ***13196,0*** |

2017-жыл үчүн бардык телеканалдардын берүүсү 44,165 саатты түзгөн, анын ичинде өздүк (оригиналдуу, эфирге биринчи жолу чыккан) 4015 саат. Негизги каналдын берүүсү 2017-жыл үчүн 6559,9 саатты түздү. Кыргыз Республикасынын «Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамына ылайык, коммерциялык жарнамага колдонууга уруксат берилген убакыт 39 359,4 мүнөттү (655,9 саатты) түздү. Корпорация мыйзам уруксат берген 33,5% жарнамалык убакытты колдонот, анын 38%ы социалдык акысыз жарнама болуп саналат. Келтирилген таблицадан көрүнүп тургандай, коммерциялык жарнаманын убактысы 2016-жылга салыштырмалуу 10,7%га, ал эми 2015-жылга салыштырганда 24,6%га кыскарган, бул бир жагынан теле рыноктогу кризистен болсо, экинчи жагынан 52 телеканалдын ачылышынан улам болду. Саясий жарнамадан түшкөн кирешелер Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо өнөктүгүндө 2016-жылга караганда 2,1 эсеге жогорулады.

Мурдатан болжогондой, санарип технологияларын киргизүү жана санариптик берүүлөргө өтүү рыноктун конъюнктурасын өзгөртүп, кирешелерди кайра бөлүштүрүүгө туура келди. Көптөгөн майда каналдар пайда болду. Жарнамалык кызматтын минималдуу баасы, мындай каналдардын контентине чыгымдардын жоктугу

Корпорациянын гана эмес, өзүнүн оригиналдуу контентин түзө алган башка телеканалдардын кирешелерине да түздөн-түз таасирин тийгизди. Мына ушуга байланыштуу, 2008-жылдын 2-июнундагы №106 "Телекөрсөтүүлөр жана радиоберүүлөр жөнүндөгү" Мыйзамды аткарууда суроо жаралат. Жарнамалык кызмат көрсөтүү рыногундагы стабилдүүлүктү сактоо, контенттин сапатын жакшыртуу үчүн Маалымат жана массалык коммуникациялар департаментине аталган маселеге көңүл буруусун көптөн-көп суранат элек.

Өкмөттүн 2017-жылдын 21-июлундагы №442 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун негизинде жана 2008-жылдын 2-июнундагы №106 "Телекөрсөтүүлөр жана радиоберүүлөр жөнүндөгү" Мыйзамдын нормаларын аткарууда КТРКнын теле үй-бүлөсүнүн социалдык пакетине россиялык эки телеканал «РТР-планета» менен «Первый канал. Всемирная сеть» кошулду. Аталган каналдарды берүүнү камсыз кылуу жана РРТЖРМ РӨБ кызмат акысын төлөө үчүн аталган телеканалдардын жетекчилиги менен түзүлгөн макулдашуулар менен келишимдердин негизинде сентябрь айынан тартып, «РТР-планета» телеканалына жарнамалар жайгаштырыла баштаган. Жарнамалардан түшкөн 7132,4 миң сом өлчөмүндөгү бардык кирешелер россиялык эки телеканалды багып-күтүүдө 2017-жыл үчүн кеткен 25 192,2 миң сом өлчөмүндөгү чыгашалардын бир бөлүгүн жабууга жумшалды. Ошентип 2017-жылдын акырында РРТЖРМ РӨБнун таратуу кызматына 13159,1 миң сом суммада олчойгон карыз болуп калды. Жогоруда аталган көйгөйлүү маселелерге карабай, Корпорация отчеттук мезгил ичинде мол кирешесин сактап гана калбастан, 2016-жылдын жыйынтыгынан ашып түштү, аны менен катар, КТРКнын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча алдыга койгон зор планын ишке ашырууну көздөйт. Ишкананын финансылык абалы ишкер активдүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн маанилүү мүнөздөмөсү болуп саналат. Ал ишкананын башкаруусунда бар болгон мүлк жана каржылоо булактары, ошондой эле ишкерликтин финансылык жыйынтыктары менен аныкталат. 5-таблицада Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын активдеринин жана пассивдеринин динамикасы бухгалтердик отчеттун 2013-2017-жж. үчүн маалыматтары боюнча берилген.

**2013-2017-жж. үчүн КТРКнын активдеринин жана пассивдеринин динамикасы/ миң сом**

*Таблица 5*

| | 2013 год | 2014 год | 2015 год | 2016 год | 2017 год |
|---|---|---|---|---|---|
| АКТИВДЕР | | | | | |
| *Узак мөөнөттүү активдер* | | | | | |
| Негизги каражаттар | 185 303,5 | 207 321,5 | 216 345,3 | 188 554,6 | 289 571,0 |
| Жана башка материалдык эмес активдер | 17 143,1 | 16 992,9 | 17 832,1 | 17 002,5 | 17 584,3 |
| ***Узак мөөнөттүү активдердин жыйынтыгы*** | ***202 446,6*** | ***224 314,4*** | ***234 177,4*** | ***205 557,1*** | ***307 155,3*** |
| *кыска мөөнөттүү активдер* | | | | | |
| Запастар | 11 539,1 | 10 915,2 | 16 184,8 | 15 301,3 | 15 576,9 |
| Сатып алуучулардын дебитордук карызы | 15 219,8 | 16 950,7 | 32 389,7 | 47 582,9 | 53 633,8 |
| Башка дебитордук карыздар | 24 219,0 | 40 042,3 | 20 664,0 | 6 647,0 | 2 288,0 |
| Башка финансылык активдер | 12,0 | 12,0 | 12,0 | 12,0 | 12,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 6 312,3 | 970,8 | 2 452,5 | 0,0 | 2 150,9 |
| Жана башка активдер | 2 544,6 | 2 486,3 | 1 775,6 | 208,0 | 3 422,8 |
| Кассадагы жана банктагы акча каражаттары | 25 010,4 | 12 943,1 | 56 977,2 | 47 816,9 | 27 552,7 |
| ***кыска мөөнөттүү активдердин жыйынтыгы*** | ***84 857,2*** | ***84 320,4*** | ***130 455,8*** | ***117 568,1*** | ***104 637,1*** |
| **АКТИВДЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ** | **287 303,8** | **308 634,8** | **364 633,2** | **323 125,2** | **411 792,4** |
| КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | | | | | |
| *Капитал жана резервдер* | | | | | |
| Уставдык капитал | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 |
| Резервдер | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | 47 101,5 | 43 710,1 | 134 107,8 | 133 431,7 | 137 920,2 |
| **Капиталдын жыйынтыгы** | ***159 179,5*** | ***155 788,1*** | ***246 185,8*** | ***245 509,7*** | ***249 998,2*** |
| *Узак мөөнөттүү милдеттер* | | | | 27 030,2 | 57 931,0 |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери | 5 245,8 | 8 295,5 | 18 233,4 | 0,0 | 16 338,5 |
| Башка милдеттер | 89 544,6 | 122 484,2 | 73 767,6 | 26 520,7 | 16 124,5 |
| ***Узак мөөнөттүү милдеттердин жыйынтыгы*** | ***94 790,4*** | ***130 779,7*** | ***92 001,0*** | ***53 550,9*** | ***90 394,0*** |
| *Кыска мөөнөттүү милдеттер* | | | | | |
| Соода жана башка кредитордук карыз | 17 877,5 | 8 529,7 | 15 103,6 | 8 903,4 | 49 945,8 |
| Жана башка финансылык милдеттенмелер | 245,0 | 495,8 | 1 181,6 | 8 218,2 | 2 141,2 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 6 308,2 | 4 568,3 | 2 674,2 | 6 502,8 | 4 458,5 |
| Жана башка милдеттенмелер | 8 903,2 | 8 473,2 | 7 487,0 | 440,2 | 14 854,7 |
| Жыйынтыгында кыска мөөөнөттүү милдеттенмелер | 33 333,9 | 22 067,0 | 26 446,4 | 24 064,6 | 71 400,2 |
| **КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ** | **287 303,8** | **308 634,8** | **364 633,2** | **323 125,2** | **411 792,4** |

**Финансылык абалга жалпы баа берүү жана анын отчеттук мезгил ичиндеги өзгөрүүлөрү.**

✓ Санариптик берүүлөргө өтүү шарттарындагы техникалык модернизациялоо пландарына ылайык Корпорациянын кайра жабдылып чыгарылышы жүрүүдө, 2017-жылы 8 камералуу жаңы КТС сатып алып, буга байланыштуу жылдын аяк жагына карата негизги каражаттар 101016,4 миң сомго жогорулады.

✓ Жарнаманын телеберүү рыногундагы кризиске карабастан, жүгүртүү активдери жогорулоого карата туруктуу тенденцияга ээ. Жүгүртүү активдеринин баасынын жогорулоо динамикасы 2013-жылга салыштырмалуу 23%га өскөнү көрсөтүп турат, ошол эле учурда 2016-жылга салыштырмалуу 12 931 миң сомго азайган, бул жаңы санарип телеканалдардын ачылышына байланыштуу болду. Банкта жана кассада 27552,7 миң сом суммасында акча каражаттары аккумуляцияланган. Дебитордук карыз 6050,9 миң сомго жогорулаган.

- ✓ Таблицадагы маалыматтар боюнча өздүк капиталдын өсүү тенденциясы көрүнүп турат, 2013-жылга салыштырмалуу жогорулоо 90818,7 миң сомду, 2016-жылга салыштырмалуу 4488,5 миң сомду түздү.
- ✓ Өткөн мезгил ичинде кыска мөөнөттүү милдеттенмелер 47335,6 миң сомго жогорулаган, бул 2017-жылдын кредитордук карызынын эсебинен болду.
- ✓ 2016-2017-жылы ЛА Лиганы жана Бундеслиганы көрсөтүүгө карата 35000,0 АКШ доллары (2 380,0 миң сом) суммасына лицензиялык укуктар сатылып алынган.

Ошентип, жарнаманын телеберүү рыногундагы күчөп жаткан кризиске, ошондой эле атаандаш каналдардын көбөйгөнүнө карабастан, Корпорация жарнама рыногундагы лидер позицияларын сактоого, мында жогорку кирешелерди алууга жетише алды. Корпорация финансы каражаттарын материалдык-техникалык базага санариптик берүүгө ийгиликтүү өтүү үчүн салуусун улантууда. Эң маанилүү милдеттердин бири болуп, ишкананын финансы ресурстарын рационалдуу бөлүштүрүү болуп саналат. Бюджеттик процесстин ажырагыс бөлүгүнө кирген республикалык бюджеттен каржыланган уюмдар үчүн финасылык башкаруунун бирден-бир куралы программалык бюджеттештирүү болуп эсептелет. Аталган куралды колдонуу Корпорация бюджетинин чыгашаларын эле эмес, кирешелерин да бөлүштүрүүдө Корпорацияга бардык ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланууга мүмкүндүк берет. Программалык бюджеттин жыйынтыгы менен бардык маселелердин, пландардын жана долбоорлордун терең анализинин негизинде Корпорациянын деталдуу бюджети ачык-айкын көрүнөт. Корпорациянын бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгү толугу менен бюджеттик программалоого өтүү 2018-жылдан башталды.

## 8. ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕ БИР БӨЛҮГҮ, ТИКЕ ЖЕ КЫЙЫР ТҮРДӨ КОРПОРАЦИЯГА ТААНДЫК КААЛАГАНДАЙ ИШКАНАЛАР ЖЕ КОМПАНИЯЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

"Биринчи канал. Кыргызстан" ЖЧК биргелешкен ишканасы туурасында маалымат, анда КТРК уставдык капиталынын 60% үлүшү менен Коомдун түзүүчүсү болуп саналат.

"Биринчи канал. Кыргызстан" ЖЧКсы - биргелешкен ишкана, анда КТРК уставдык капиталынын 60% үлүшү менен Коомдун түзүүчүсү болуп саналат.

Россия тараптын катышуу үлүшү, "Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак" Жабык акционердик коомунун атынан, Коомдун уставдык капиталынын 40% түзөт.

*Маалымкат: 1996-жылдын 28-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасынын аймагында россиялык телерадио берүү мекемелеринин программаларын таратуунун тартиби жана шарттары туурасында Макулдашуу түзүлгөн.*

1996-жылы 28-марттагы КР жана РФ Өкмөттөрүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасынын аймагында россиялык телерадиоберүү мекемелеринин программаларын таратуунун тартиби жана шарттары туурасында Макулдашуунун 10-пунктуна ылайык, бул Макулдашуунун аракети Тараптардын бири башка Тараптан анын аракетин токтотуу туурасында кат түрүндөгү билдирүү алган учурдан тартып үч айдын аралыгында токтотулушу керек.

«Биринчи канал. Кыргызстан» ЖЧКсы, Президенттин 29.01.2007-ж. №14 Жарлыгына ылайык КР Мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы жана «Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак» ЖАКы тарабынан ушул максаттар үчүн атайын уюштурулган КРнын аймагында «Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак» программаларын кайра алып көрсөтүүнү жүзөгө ашырат.

«Биринчи канал. Кыргызстан» ЖЧКсынын негизги милдети болуп «Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак» программаларын кайра алып көрсөтүү жана Кыргыз Республикасынын аймагында «Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак» ЖАКынын автордук жана аралаш укуктарын коргоо эсептелет.

"Биринчи канал. Кыргызстан" ЖЧКсы Биринчи каналдын программаларын жана Биринчи каналдын Санариптик телеберүүлөрүн таратууга укук берүү менен да алектенет, ага: коммерциялык телеберүү тармактарындагы Карусель, Дом Кино, Музыка Первого, Время: далекое и близкое, Телекафе сыяктуу каналдары кирет.

"Биринчи канал. Кыргызстан" ЖЧКсы өз ишмердүүлүгүн өзүн өзү толук каржылоо аркылуу ишке ашырат, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен каражат албайт.

РФ Биринчи каналдын программаларын ретрансляциялоо 1996-жылы 28-мартта Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн

ортосундагы Кыргыз Республикасынын аймагында россиялык телерадиоберүү мекемелеринин программаларын таратуунун тартиби жана шарттары туурасында Макулдашууга ылайык, о.э. КР Президентинин 29.01.2007-жылдагы №14 "Кыргыз Республикасынын аймагында Россия Федерациясынын "Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак" ЖАКынын программаларын ретрансляциялоо маселелери туурасында" Буйругуна ылайык ишке ашырылат».

КР Президентинин ушул Буйругуна ылайык, КР Экономика жана финансы министрине белгиленген тартипте КР бюджетинен жыл сайын 10304,4 миң сом суммасында финансылык каражаттарды «Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак» программаларын Кыргыз Республикасынын аймагында кайра алып көрсөтүү үчүн «Кыргызтелеком» ААКнын телеберүүнүн жана радиоуктуруунун радиореле магистралдарынын республикалык өндүрүштүк бирикмесине төлөө үчүн КР Мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын чыгашалары үчүн бөлүүнү камсыздоо тапшырылган

"Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармактын" программаларын тараткандыгы үчүн РРТЖРМ РӨБ кызматтарына акы төлөө КРнын КТРКнын жана РРТЖРМ РӨБдүн эки тараптуу макулдашуусунун негизинде жүргүзүлөт. Акы төлөөгө каражат 2017-жылдын 15-октябрында №17-0308/17-Л. Лицензиялык макулдашуунун негизинде КТРКга өткөн «РТР Планета» каналына жайгаштырылган жарнамалардын эсебинет бөлүнөт.

**Россиялык эки башкы телеканалды КТРКнын карамагына киргизүү жөнүндө**

КТРКнын жарандык коомду түзүүдөгү жана өлкөдөгү маалыматтык коопсуздукту камсыздоогу ролу менен бирге тармактык өнөктөштөрдү тартуу максатында 2016-жылдан тарта Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин алдындагы маалымат жана массалык коммуникациялар департаменти менен биргеликте сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн жана россиялык теле берүүнүн өкүлдөрү менен жолугушуулар уюштурулган. Бул жолугушууларда россиялык “Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак” (ПКВС) жана Бүткүл россиялык мамлекеттик телерадиокомпаниясы телеканалдардын программаларын таратуу маселеси каралган. Бул коммуникациялардын СТВ циалдык пакетинде КТРКнын карамагына кошулуунун натыйжасында кошумча россиялык маалыматтык-оюн-зоок - "РТР- Планета", "Первый канал. Всемирная сеть" эки телеканалы кирди.

КТРКнын тармактык өнөктөшү үчүн КТРК менен кошумча эки телеканалдын программалары Өкмөттүн 2017-жылдын 21-июлундагы №442 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Токтомунун жана 2008-жылдын 2-июнундагы №106 "Телекөрсөтүүлөр жана радиоберүүлөр жөнүндөгү" Мыйзамдын негизинде ишке ашат. Ошондуктан КТРК "Биринчи канал. Бүткүл дүйнөлүк тармак" телеканалынын программаларын санариптик эфирдик каражаты аркылуу таратууга жана Бүткүл россиялык мамлекеттик телерадиокомпаниясынын (ВГТРК) Кыргыз Республикасынын территориясында жарнамалык кызмат көрсөтүү максатында каналдарды трансляциялоого кеткен

чыгымдарды жана мурда республикалык бюджеттин эсебинен жабылган "Биринчи каналдын" РРТЖРМ РӨБга болгон карыздарынан кутулуу үчүн Программаны жарнама катары пайдаланууга толук укуктуу. Россиялык эки телеканалдын КТРКнын карамагына кошулушу маалыматтык аймакта гана эмес, бүтүн өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыздайт жана жөнгө салат. Аталган иш-чаралар сөзсүз түрдө улуттук маалыматтык мейкиндиктин сабаттуу болушуна жана массалык маалымат жана коммуникациялар системасынын өнүгүшүнө, эл аралык маалымат алмашууну уюштурууга таасир тийгизет.

## 9. КОРПОРАЦИЯНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ МАКСАТТАРЫ

- ✓ 16:9 форматындагы заманбап көчмө телевизиондук станцияны сатып алып орнотулду жана эксплуатацияланды;
- ✓ КТРК АСК блогундагы имараттын өндүрүштүк бөлмөлөрүн, коридор менен гримдөөчү бөлмөнү оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүлдү;
- ✓ NambaOne мобилдик тиркеме аркылуу КТРКнын телерадио каналдарына жарнамаларды жайгаштырууну онлайн кетирүү;
- ✓ 2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону жогорку сапатта чагылдырылды;
- ✓ "Ала- Тоо 24" каналы үчүн мобилдик тиркеме кое берилди;
- ✓ Аналогдук берүүлөрдү өчүрүүгө даярдыктар жана толугу менен санариптик телеберүүгө өтүү ишке ашты;
- ✓ КТРКнын 2017-2019-жылдарга карата өнүгүү Стратегиясы бекитилди.

# 11.КОРПОРАЦИЯНЫН 2018-ЖЫЛГА КАРАТА БОЛЖОЛДУУ ПЛАНДАРЫ

| | |
|---|---|
| КТРКнын аудиториясынын үлүшүн кеңейтүү | -жаштарды тартуу менен, ошону менен катар экранга кошумча 20-30% аудиторияны башка майда каналдар аркылуу тартуу (медиа изилдөөнүн маалыматына ылайык, элдин 20,9% негизги телеканалдарды көрүшпөйт) |
| Жумуш орундарын оптималдаштыруу, өндүрүштүн иш/эмгек аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу | -кызматкерлердин жумуш орундарын оптималдаштыруу үчүн кеңсе бөлмөлөрдү open space принцибине ылайык ондоп-түзөө;<br>-Корпорациянын имаратынын тышкы жана ички кебетесин жакшыртуу |
| заманбап милдеттер астында техникалык модернизация, БТБны сапаттуу берүүлөр менен камсыздоо | -архивдөө үчүн узак мөөнөттүү, санариптик борбордук системаны киргизүү;<br>-программалдын сеткасын автоматташтырууну пландоо, бирдиктүү пландоо;<br>-борбордук аппараттык телеберүү жана радио берүү блогун толугу менен жаңыртуу |
| Улуттук маанидеги масштабдуу окуяларды чагылдыруу | -Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын жеке өздүк ресурстардын базасында жана HD и FullHD форматтагы берүү менен чет өлкөлүк телеканалдарда иш-чараны чагылдыруу |
| Бирдиктүү маалыматты өндүрүү жана чогултуу тармагында Маалымат бөлүмдөрүндө конвергенция өткөрүү | -маалымат кызматын телестудиялардын жаңылыктары, маалыматтык радио жана интернет сайт менен бирге бирдиктүү бир базага түзүү аркылуу модернизациялоо |
| КТРКнын телерадиоканалдарына жаңы программалык стратегияларды киргизүү | -Долбоорлорго конкурстарды ачык өткөрүү менен талапка ылайык радио жана теле долбоорлорду чыгаруу |
| Интернет берүүнү жакшыртуу, сапаттуу мультимедиа контентин өндүрүү | -сайт бөлүмдөрүнүн жана башка бөлүмдөрдүн кызматкерлерин окутуп-үйрөтүү;<br>-мобилдүү платформанын базасында технологиялык чечимдерди түзүү |
| КТРКнын уюштуруу курамын өзгөртүү | -студияларды чыгармачылык-өндүрүштүк бөлүмдөргө которуу менен КТРКнын уюштуруу түзүмүн өзгөртүү;<br>-кызматкерлердин эмгегин эффективдүү аныктоо системасын киргизүү (KPI) |

| | |
|---|---|
| КТРКнын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу нормативдик документтерди, мыйзам чыгаруучу актыларды аныктоо | -актулдаштыруу үчүн нормативдик актыларга жана ички документтерге өзгөртүүлөрдү киргизүү |
| КТРКнын муктаж болгон кызматкерлерине көп кабаттуу үй куруу | -алынган жер участогуна Корпорациянын үйгө муктаж болгон жарандарына көп кабаттуу үй куруп берүү |
| «Бюджеттештирүүнү пилоттук долбоорлоого» өтүү,<br>– Коомдук берүү үчүн абоненттик төлөмдү киргизүү жана механизмдерин | -Программалык бюджет бюджеттик программанын жана чаралардын ишке ашуусуна жооптуу болгон Корпорациянын бөлүмдөрүнүн чегинде өзүнүн жеке эффективдүүлүгүн баалоого жана жаңы мүмкүнчүлүктөрүн кароого түрткү берет. Сметалык каржылоонун механизмине мамлекеттик кызмат көрсөтүүгө мамлекеттик тапшырма программалык бюджетти түзүү аркылуу интеграцияланышы керек |
| жарнамалык жаңы сегменттер аркылуу каражаттын келип түшүүсүн жогорулатуу жана жаңы технологиялык чечимдерди кабыл алуу | -Жарнама берүүчүлөрдүн тобун, КТРКнын рыноктогу үлүшүн, Корпорациянын мындан ары комерциялык ишмердүүлүгүн аныктоо максатында Кыргыз Республикасынын жарнама рыногуна маркетинг изилдөө жүргүзүү;<br>-жарнамалык жаңы сегменттер аркылуу каражаттын келип түшүүсүн жогорулатуу жана жаңы технологиялык чечимдерди кабыл алуу (мобилдик жана web платформаларда кошумча кызматтарды киргизүү) |
| заманбап милдеттер астында техникалык модернизация, БТБны, ошондой эле мобилдик платформалардысапаттуу берүүлөр менен камсыздоо | -архивдөө үчүн узак мөөнөттүү, санариптик борбордук системаны киргизүү;<br>-программалдын сеткасын автоматташтырууну пландоо, бирдиктүү пландоо |